
**13** «Көпөлөк» кайда кеттиң көкөлөп?



**9** Султан Тукешов: «5000 тагдыр колуман өттү»




# САРЕСЕП

10-декабрь, 2015-жыл
№30 (30)
saresep.kg
Калыс көз караш!




Коом кандай болсо, мусулманы ошондой болот

3-бетте



Таштандыдан акча жасайбыз

5-бетте



«Аялым төрөбөйт, эмне кылам?»

14-бетте



## Түрмө жаза аткаруу гана жайыбы?

11-бетте






## Балдардын IT-индустрияга кызыгуусу арттырылат

Мектептерде 7-декабрда "Код сааты" деп аталган акция башталды. Билим берүү жана илим министрлиги кабарлагандай, 13-декабрга чейин улана турган иш-чара эл аралык информатиканы үйрөнүү жумалыгынын алкагында уюштурулду. Анда ар бир катышуучу программалоо тармагын өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүн алып, IT-индустрияга алгачкы кадамын таштай алат. Мындай ыкма менен окуучуларды ишкерликтин келечеги кең бөлүгүнө кызыктыруу максат кылынууда. Ал эми бүткүл дүйнө боюнча миллиондогон мектеп окуучулары программалоону үйрөнүүгө 1 саат убакыт коротуп, тажрыйбалуу адистерден сабак алышат.



## Төрөт рекордсмени – Баткен

Эгерде калктын санынын өсүшү ушул бойдон кармалып турса, 2025-2027-жылдары Кыргызстанда 7 миллионунчу жаран туулат

Калктын санынын өсүшү 2%дык деңгээлде сакталып турса, 7 миллионунчу жаран 10-12 жылдан кийин төрөлөт. Бул тууралуу Улуттук статкомдун демографиялык статистика бөлүмүнүн башчысы Римма Чыныбаева билдирген.

2010-жылы калктын санынын өсүшү 1,1%ды түзсө, 2013, 2014, 2015-жылдары калктын өсүшү өтө жогору болуп, 2% пайыздык деңгээлди түзгөн. Акыркы үч жылда калктын демографиялык өсүүсү ушул темпти карманып турса, 10-12 жылдан кийин 2025-2027-жылдары Кыргызстандын 7 миллионунчу жараны төрөлүп калышы ажеп эмес.

2000-жылдардан бери сыртка кеткен миграциялык агымдын күчтүү болгону байкалса да, төрөлүүнүн саны күн санап өсүүдө. Бирок, Римма Чыныбаева келечекте төрөлүүлөрдүн саны азайышы мүмкүн дейт. Себеби, 1980-жылдары туулган кыздардын учурда төрөй турган убагы. 1980-жылдары бизде төрөлүүнүн чоң толкуну болгон. Ал эми 1990-жылдары СССРдин таркашы төрөлүүнүн санына чек койгон. Мына эми бала төрөй турган куракка келген бул кыздардын калктын өсүүсүнө салымы азыраак болушу мүмкүн. Калктын санынын өсүшүнө көптөгөн факторлор таасир этет. Региондор боюнча айта турган болсок, төрөлүүлөрдүн саны эң жогорку аймак болуп Баткен облусу эсептелет.

# Кой сойгонго айыппул

ЖКнын Агрардык саясат, суу ресурстары, экология жана регионалдык өнүктүрүү комитетинин отурумунда административдик жоопкерчилик тууралуу мыйзамга оңдоо киргизүү экинчи окууда жактырылды.



Мыйзам долбооруна ылайык, фитосанитардык жана ветеринардык коопсуздук нормаларын бузгандарга айыппулдун көлөмүн көбөйтүү сунушталат. Мыйзам долбооруна ылайык, мал ташуунун эрежелерин бузгандыгы үчүн 500-1000-2500 сомго чейинки айыппул салынат.

Карантиндик зыянкечтер менен, өсүмдүк оорулары жана отоо чөптөр менен күрөшүүнүн нормаларын бузгандыгы үчүн мурунку 1-3 эсептик көрсөткүчтүн ордуна мындан ары жөнөкөй жарандарга 40 эсептик, кызматтык абалы бар жарандарга 70 эсептик көрсөткүчтөгү айыппул салынмакчы.

Карантиндик текшерүүдөн өтпөгөн чет өлкөлүк материалдарды чекара пунктунан алып кирген жарандарга 50 эсептик, ал эми кызматтык абалы бар жарандарга 100 эсептик көрсөткүчтөгү айыппул салынмакчы.

Малды атайын жерлерде сойбогондугу үчүн жөнөкөй жарандарга 30, кызмат абалы барларга 50 эсептик көрсөткүчтөгү айыппул салынмакчы.

Мал этин жана малдан өндүрүлгөн башка өндүрүмдөрдү атайын текшерүүдөн өткөрбөй саткандыгы үчүн жөнөкөй жарандарга 30 эсептик көрсөткүчтөгү айыппул салынмакчы, ал эми кызмат абалы барларга айыппулдун эсеби негедир көрсөтүлгөн эмес. Эскерте кетсек, Кыргызстандагы минималдуу эсептик көрсөткүч 840 сом деп чектелген.

# Диний кырдаалга көзөмөл күчөтүлөт

Президент Алмазбек Атамбаев Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын төрагасы Орозбек Молдалиевге өлкө аймагындагы диний кырдаалга көзөмөлдү күчөтүүнү тапшырды. Мамлекет башчы экстремизм коркунучу дүйнөгө тор жайып жаткан учурда Кыргызстан сак болушу керектигин билдирди. Молдалиевге тийиштүү мекемелердин радикалдашуусунун алдын алуу боюнча жүргүзүп жаткан иштерине мониторингди күчөтүп, убагында кабарлап туруу милдети жүктөлдү.



Кыргызстанда соңку жылдары диний радикалдашуу күч алып баратканы баймa-бай айтылууда. Алдын алуу иштерине карабай, Сирия жана Ирактагы террордук топтордун курамына кошулгандардын саны азая элек. Расмий эсепте ал жакта азыр 400дөн ашуун кыргызстандык бар жана алардын айрымдары каза тапты.

# Кыргызстандык кол өнөрчүлөр «Түрксойдо»

Түркиянын борбор шаары Анкара шаарында "Rem Fuar" тарабынан "12-Эл аралык кол өнөрчүлөр жарманкеси" уюштурулду.

Жыл сайын уюштурулган бул жарманке 2015-жылдын ноябрь айынын акыркы декадасынан тартып декабрь айына чейин уланган. Жарманкеге Түрксойго мүчө мамлекеттер менен бирге Иран, Россия, Кытай, Индия, Кения, Гана, Түштүк Африка, Таиланд, Афганистан, Египет, Сенегал, Мозамбик, Индонезия, Грузия, Эквадор жана Дубай сыяктуу өлкөлөрдүн кол өнөрчүлөрү да катышты.

Маданий байланыштарды бекемдөө менен бирге элдердин жана өндүрүүчүлөрдүн арасында коммерциялык келишимдерге мүмкүндүк түзгөн жарманкеге катышкан кыргызстандык кол өнөрчүлөр: Айдай Сабитова, Асель Калканова, Махабат Саманчиева, Мира Калиева, Дамира Кампабекова жана Атыркүл Шаршеналиевалар эл аралык түрк маданиятынын уюму Түрксойдун Башкатчысы Дүйсөн Касеинов кабыл алды.



Жолугушуунун жүрүшүндө Түрксойдун Башкатчысы Дүйсөн Касеинов кыргыз кол өнөрчүлөрүнө өз ыраазычылыгын билдирди. Ал эми анын орун басары профессор-доктор Фырат Пурташ: "Сиздер орток маданиятыбызды кол эмгегиңиздер менен тирилтип жатасыздар. Түрк элдеринин кол өнөрчүлүгүн Түркияга алып келгениңиздер үчүн абдан кубанычтуубуз. Мындай жарманкелер ар бир элдин өз маданиятын таанытууга мүмкүндүк түзүп, жаңы келишимдерге жол ачып, эл аралык байланыштарыбызды бекемдөөдө. Түрк элдеринин маданий борбору «Түрксойдо» сиздерди кабыл алуу биз үчүн чоң сыймык", – деп ыраазычылыгын билдирген. Ал эми кыргыз кол өнөрчүлөрүн он күндөн ашык убакытка созулган бул көргөзмө-фестивалда чоң-чоң ийгиликтер коштоду.

Гезит ээси – ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери – 1925
САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев

**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева, Рахат Акматова
**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com

**Реклама жана маркетинг:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru
**Design:** Горизонт Медиа

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0312) 93-65-55
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 6300**
**Буйрутма № 3260**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Коом кандай болсо, мусулманы ошондой болот

Бул аптада Ички иштер министрлигинин 10-бөлүмүнүн башчылары өздөрүн «дааватчы» деп аташкан мусулмандар коомго коркунуч жаратышы мүмкүн деп айтып чыгышты. Дааватчылар ким, алардын кандай оң жана терс жактары бар деген суроо менен Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгынын муфтийинин орун басары Замир Ракиевге кайрылдык



Коомдогу кандайдыр бир топту коомдон, керек болсо дүйнө тарыхынан ажыратып кароо туура эмес. Силердин гезитиңерде Азамат Борончиев деген агай кыргызга мыйзам тууралуу айтсаң сөзсүз «мунун кыргызча жолу жокпу» деп сурайт деп, мунун себебин да жакшы түшүндүргөн. Көрсө, биздин мыйзамдар элибиздин каада-салтынан алыс, ар кимден көчүрүп алынган экен. Ошондуктан кыргыз элине чоочун көрүнөт турбайбы.

Дүйнөдөгү мусулманчылыкты карасаң да ушуга окшош эле маселе. Мусулмандар жашаган азыркы мамлекеттин дээрлик баарысы акыркы эки кылым бою башкалардын колониясы болгон. Кийин боштондук кыймылы аркылуу эгемендик алышканы менен учурдагы мыйзамдары мурунку колониалдык мыйзамдардын негизинде куралган. Ошентип кыргыздарга окшоп эле аларга да өз мыйзамдары чоочун сезилет.

Эмне үчүн чоочун сыяктуу дейм? Себеби коомдогу башка адамдар сыяктуу эле мусулмандар да өз мамлекетинин Конституциясы менен мыйзамдарынын бетин ачып окуп көргөн эмес. Окуса да түшүнбөйт. Кээ бири окуй да албайт. Мен Конституциябызды окуп чыккам. Анда динибизге карама-каршы келген эч нерсе жок. Кыргыз болгон соң, ага баш ийүүнүн үлгүсү болушубуз керек.

Бул илдеттен кантип кутулуш керек? Биз бала кезде коом таануу деген сабак бар эле. Китептери бар болчу. Менин оюмча мындай сабактар кайра бардык окуу жайларга киргизилүүсү керек. Диний окуу жайларга да керек. Анда коом тууралуу жалпы түшүнүк берилген соң, Конституциябыз баш болгон негизги мыйзамдар тууралуу жакшы түшүнүк берилүүсү зарыл. Өз мамлекетинин эли кабыл алган Конституцияны өзүмдүкү деп кабыл албаган адам радикал болот да.

Демек радикалдуулук мусулмандардын гана көйгөйү эмес. Өз мыйзамына баш ийбей, «кыргызча» жол издегендердин жалпы көйгөйү. Болгону мусулман болобу же башка түшүнүктөгү жаран болобу, мыйзамга баш ийбеген адамдын коомдук жашоого таасири канчалык артса, ошончолук коркунучтуу болушу мүмкүн.

# Кадыр Кошалиев: “Коом инсан-журналистке суусап туурат”

«Кыргыз жолу» коомдук бирикмесинин жетекчиси Кадыр Кошалиев: «Бүгүнкү күнү мамлекеттик деңгээлде маалыматтык коопсуздук маселесине маани берилбей келет”, - деп журналистиканын оош-кыйышы тууралуу кийинкилерге токтолду

Эгемендүүлүк жылдардан тартып Кыргызстанда сырттан башкаруунун таасири менен коомдук-саясий системабызда туташкан саясий-экономикалык жана руханий кризис жүрүп келүүдө. Анын ичинде кыргыз журналистикасында да кубанарлык жагдайга караганда ойлоно турган маселелер арбын. Кыргыз журналистикасы дагы башка тармактай эле өзүнүн оор мезгилин башынан кечирип жатат десек болот. Азыр учурдун талабына жараша эмне гана сатылып атканы жок. Анын ичинде ата-бабабыз терең маани берип келген “ыйык”сөз дагы бар. Жадагалса, азыр кээ бир журналисттер эшик ырчынын деңгээлине түшүп калган чагы. Кыргызда “Өнөр алды - кызыл тил”, “Сөзүң өлгүчө, өзүң өл” деген учкул сөздөр кыргыздын сөз багып келгенин айгинелейт. Журналистика сөз менен иштеген кесип жана коомдук пикир түзө турган тармак. Ошондуктан сөз качан гана калыс айтылып, ЖМКлар адилеттикти гана чагылдырса, ошондо гана таза коомдун түптөлүшүнө жалпыбыз күбө болобуз. Анткени



менен баардык журналисттерди күнөөлөй берүүгө дагы болбойт. Өзүнүн ишин жакшы билген кесипкөй журналисттер дагы арбын. Бирок ошол эле мезгилде капыстан келип калган, сөздүн баасына, баркына жана маанисине жакшы түшүнө бербеген даярдыгы чабал журналисттер дагы арбын. Дал ошолор сөз менен иштеген маанилүү тармактын кадыр-баркын жоготуп жатат. Учурда бул жааттагы көптөгөн көйгөйлөрдү чечүүдө журналистер союзу дагы иш алып барса жакшы болмок.

Чет өлкөдө журналистика багыты аябай так иштелип чыккан. Маселен, саясий темага өзүнчө, экономика тармагына өзүнчө, маданиятка өзүнчө адистешип кеткен. Бизде болсо баары эле “Ломоносов” болуп алышкан. Саясатты деле, башкасын деле чага беришип, кээде чоң эле адамдарга акыл үйрөткөнгө чейин барышат. Анан адамдын абройуна шек келтирген сөздөр абдан көп. Журналистикалык этика бардык эле жерде сакталып атат деп айта албайм. Маселен, кээ бирөө кечээ эле келе калганы аз келгенсип, асмандан түшкөн немедей “баланча деген эргул бар” деп сөзүн баштайт. Бул албетте ошол журналистин этикасы жоктугунан кабар берет. Мындан улам азыр коом “инсан-журналистерге” суусап тургандыгында шек жок. Анан дагы чындык менен ушак ушунчалык аралашып кеткен, жадагалса, кайсынысы чын, кайсынысы жалган экенин айрымалай албайсың. Ошого карабай кыргыз журналистикасы бузулган коомдогу болуп аткан окуяларды бир жагынан болбосо да бир жагын чагылдырып, өздөрүнүн милдетин кайсы бир деңгээлде аткарып жатат деп ойлойм.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Кыргызстан коррупциянын чордонунда

Жаш кыргызстандыктар бала бакчадан тартып, жогорку окуу жайды аяктап чыгып кеткенге чейин жемкордукту жакшы эле өздөштүрөт



### Коррупция кайсы тармактарда көп?

Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитетке караштуу Коррупцияга каршы кызмат жыл башынан бери жемкорлук боюнча 334 кылмыш ишин козгоду. Анын 105и сотко жөнөтүлдү. Өткөн жылы бул мезгилде 306 кылмыш иши катталган эле. Атайын кызматтан кабарлашкандай, коррупция боюнча иштердин сап башында күч түзүмдөрү турат. Бул тармакта иштегендердин үстүнөн 73 кылмыш иши ачылган. Былтыр 59 болчу. Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары боюнча 61 кылмыш катталды, өткөн жылы 53 болгон. Өкмөткө караштуу Антикоррупциялык кеңештин иликтөөсү боюнча, мамлекеттик сатып алуулар, билим берүү, салык, жер бөлүү, курулуш, энергетика тармагында паракорлук күчтүү экени аныкталган. Мындай жагдай өлкөдө жемкорлук дале азайбаганынан кабар берүүдө. Өкмөттүн маалыматына таянсак, жыл башынан бери коррупция келтирген чыгым 1,5 миллиард сомду түздү. Анын 267 миллион сому гана мамлекетке кайтарылган.

### Дүйнөнүн канчанчы жемкорубуз?

Эл аралык уюмдардын изилдөөсүнө караганда, былтыр Кыргызстан жемкорлукка каршы күрөш боюнча 175 өлкөнүн ичинен 136-орунду ээлеген. Бул көрсөткүч мурунку жылдарга салыштырмалуу 3 тепкич жакшырган. Президент Алмазбек Атамбаев 9-декабрь – коррупцияга каршы күрөштүн эл аралык күнүнө карата элге кайрылуу жолдоп, өлкө эми гана жемкорлукка каршы күрөштүн босогосун аттаганын белгиледи.

### Коррупция кайдан башталат?

Кыргыз жеринде коррупция советтик мезгилден бери эле тамыры үзүлбөй келе жаткан көйгөйлөрдүн бири. Паракорлук жана коррупция көрүнүштөрү адам жарык дүйнөгө келгенден акыркы сапарга узаганга чейинки бардык тепкичтеринде кезигет дешет байкоочулар.

Кайсы бир жумушка орношууну каалаган жарандардын басымдуу бөлүгү жемкорлукка тушугат. Өз алдынча бизнес ачууну көздөгөндөр да мындай тоскоолдукка кабылбай койбойт. Анткени уруксат кагаздарын, тиешелүү документтерди алуу үчүн бюрократтар менен жүздөшүп, пара берүүгө туура келет. Аны окуу жайлардан эле мыкты үйрөнгөн жаштардын бир катары убара тартпай эле, айылдагы атасынын мал-жандыгын сатып, же болбосо союп алып келип мүдөөлөрүн орундатканын угуп-билип эле жүрөбүз. Пара берүү эл ичинде “кыргызча сүйлөшүү” деген ат менен көндүмгө айланган. Бул өнөкөт өлкөнүн дээрлик бардык тармактарында бар.

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

# Катачылык



Аялы менен күйөөсү өздөрүн жалгыз сезбейли деп жакшы тукумдагы күчүк багып алышат. Атайын алган соң күчүккө аяр мамиле жасап, эркелетип багышат. Натыйжада, борсогой күчүк тез эле чоңоюп, келбеттүү, акылдуу итке айланат. Ал тургай бир канча жолу эрди-катындын мал-мүлкүн ууру-кескиден татыктуу кайтарып, өз милдетин жоопкерчиликтүү аткаруу менен кожоюндарынын ишенимине ээ болот.

Бир канча жылдардан соң, бул үйдө баланын бакырган үнү жаңырып, шаңга бөлөнөт. Жаш жубайлардын бактысында чек жок эле. Кудуңдаган кургурлар эми таптакыр эле итти унутуп, керээли-кечке бөбөк менен алек болуп калышат.

Натыйжада бүтүндөй бир үйдүн эркесине айланган ит кожоюндарын кадимкидей кызгана баштады. Албетте, муну үй ээлери да билет. Бирок, айла канча. Бала деген бала, ит деген ит.

Күндөрдүн биринде түгөйлөр жаш баланы бир саамга үйгө жалгыз калтырып, өздөрү сыртка чыгып, көр ооката алаксып кетишет. Арадан бир канча убакыт өткөндөн кийин гана жубайлар кичинекей баланы баягы ит менен үйдө калтырышканын эстеп, жүрөктөрү оозуна тыгылат. Аңтаңдап чуркап кирген күйөөсү кире бериштен эле түпкү бөлмөнүн оозунда кан болгон тумшугун жаланып, чочоюп отурган итти көрөт. Жүрөгү жарылып кетчүдөй лакылдап согуп, көз алды тумандай түшкөн жигит тамдын боорунда илинип турган мылтыгын колуна алып, бир кезде сылап-сыйпап баккан итин башка атып өлтүрөт. Бирок, ошондо да үйгө кирип, баласынын канга бөлөнүп жаткан денесин көргөнгө батынбай, көчөдө эс-акылын жоготкон немедей алдастап жүрө берет. Өпкө-жүрөгү үзүлүп кеткен немедей чырылдап-чыркыраган аялы өзүн-өзү башка муштагылап отуруп, төркү бөлмөгө баш бакса, наристеси эч нерсе болбогон эмедей болуп бейкапар уктап жаткан экен. Көргөн көзүнө ишене албай дендароо боло түшкөн бечара аял эмне болуп кеткенин түшүнбөй эки жагын каранса, баланын бешигинин тушунда башы жара чайналган жоон карачаар жылан кыймылсыз жаткан экен.

# Навахо уруусунун билдирүүсү



1960-жылдар. НАСА айга кондуруу үчүн астронавттарын даярдап жаткан. Бул даярдыктын кээ бир бөлүгү Аризонанын навахо аттуу уруусу жашаган ээн чөлдөрүндө өтчү.

Бир күнү ошол айга учуучулар талаада машыгып жүрсө, индеецтердин бир аксакалы баласы менен кой жайып жүрүп жолугуп калат. Булардын адаттан тыш көрүнгөн кебетесине таң калган абышка англисче тил билген уулунан тигилердин ким экендигин сурайт. Беркилер ага айга учуу үчүн даярданып жүрүшкөнүн айтат.

Муну уккандан кийин абышка бир саам ойлонот да кайра эле уулу аркылуу "айга билдирүү жиберсем болобу" деп суранат. Мунун жарнама үчүн жакшы табылга болорун сезе калган адистер ага дароо макул болуп диктафондорун оозуна такап күтүп калышат. Көптү көргөн индеец абышка өз тилинде бир канча сөз айтат. Карыянын уулу болсо бул сөздөрдү которуп берүүдөн баш тартат.

Айласы кеткен астронавттар жазылган билдирүүнү алдынан чыккан башка индеецтерге да угузуп көрүшөт. Бирок уккандардын бирөө дагы жылмая күлгөндөн башка эч нерсе айтпай, баш чайкап кете беришет. Акыры айласы кеткен НАСАнын адистери абышканын айтканын билүү максатында жергиликтүү элдин тилин билген тилчи профессорго кайрылат. Ал киши диктофонго жазылган сөздү угуп бир саам жылмая күлөт да, минтип которуп берет:

"Айланайын айдагы туугандар! Бул барган кишилерге өтө сак болгула. Себеби алар жериңерди тартып алганы келди".

# Жер титиреди, эмне кылабыз?



Өткөндө батышта кайсы бир теле студия адаттагыдай жашыруун камера тамашасын коюп, бирөөнү тамашалап көрмөй болду. Бирок бул жолу алар аябай катуу даярданышкан экен. Кадимкидей бөлмөнүн ичин бүтүндөй кыймылдата турган нерселерди даярдап, шыпта илинген асма чыракты титиретип, текчеде турган китептерди кулатып, ал тургай дубалдардан кадимкидей чаң көтөрүлүп чыккыдай кылышыптыр. Ооба, алар жер титиреп аткандай көрүнүш кылып, адамдардын нервин сынагысы келип жатышкан. Ошентип, студияга кайдан-жайдан бир мусулманды чакырып, калп эле маектешип аткансып отурушкан. Аңгыча эле бөлмөнүн ичи термеле баштады. Дубалга илинген сүрөттөр, текчедеги китептер кулай баштады. А тиги журналист болуп маектешип отурган неме кыйкырган бойдон столдун астына кирип кетти. Камера кармап турганы кыйкырган бойдон сыртка чыгып кетти. Мунун баары атайын даярдалган оюн экенинен бир гана жанагы мусулман кабарсыз эле. Бирок, мына ушул жерден анын чыныгы мусулмандык жүзүнө баары күбө болду. Ал өтө чоң сыноого даяр экенин татыктуу далилдеп, бүтүндөй мусулмандар сыймыктанар ишти жасады.

Алгач ал башкалардай болуп коркунучка алдырды. Кудай Тааланын зилзаласынан ким коркпосун? Отурган столун тырыша кармап алып тынбай келме айтып, дуба кылып жатты. Бирок, жер титирөө токточудай эмес. А тиги журналист болсо үстөлдүн астына жатып алып өкүрүп атат. Ошондо баягы мусулман минтип отура берсе болбосун түшүндү окшойт, абайлап ордунан туруп барып тигини колтуктап тургузуп сыртты карай сүйрөп жөнөдү. Мындай ишти катыра жасаган эргулдар сырттагы бөлмөнү да келиштире окшоштуруп, ал жакка да камера коюшуптур. Баягы журналистти эптеп сүйрөп алып кийинки бөлмөгө өтсө, ал жакта дагы тополоң түшүп, элдер булуң-бурчта тыгылып жаткан экен. Мусулман эми беркини эшиктин түбүнө жөлөй салып, нары жакта чыңырып жаткандарга жөнөдү.

Кыскасы, атайын адистей иштеп жатты. Акыры анын өзүн кармай аларына көзү жетип, адамдык сапатына баа берген оюнчулар баарын токтотуп, бурч-бурчтан чыгып келишти да, кучак жайып куттуктап жатып калышты. Мына сага окурман! Мына чыныгы ыйман жана чыныгы адамдык. Ажал алам десе сырттан да, ичтен да аларын билген неме тек гана татыктуу өлүмдү тилегендей келме айтып отурду, алгач. Андан кийин, мусулманчылыктагы "кыямат башталганын көрсөң да, колундагы көчөттү отургуз" деген пайгамбарынын буйругун аткарып азыр өлүп калсам да, бир адамга жардам кыла кетейин деди.

# Аялынын белеги



Бир адам тамак-ашты өтө көп жечү. Ал ашыкча тамактануунун зыян экенин билип-сезип турса да, напсисин тыя албай жегендин үстүнө гана болуп жүрдү. Ушундан улам ырайы да кетип, ыксыз семирип кетти.

Бул адатты ал тээ бала кезинен эле өздөштүрүп алган. Жакындарынын ага "Тамак дегенди чен-өлчөмү менен ич, орозо карма", - деген сөздөрү кулагынын сыртынан кетчү. Ал өзү деле ашыкча тамактануунун зыяндуулугу тууралуу көп окуп, өзүнүн эркин курчутуп, жебей койгусу да келчү.

Бирок, ашыкча тамактануу туура эмес экенин ойлогондо, ансайын табити ачылып, ансайын ачынып, кулкулдап, тамак дегенде эт-бетинен кете турган болуп алды. Кээде гана жакындарынын "тартып жесең боло" деген сөздөрүнөн улам, бир канча күн катары менен эч наар албай жатып алчу. Бирок акырында алдына келген ырыскыдан күкүм койбой, антына турбай дардая тоюп алчу болгон. Тамакты аз жейин деп өзүнө-өзү ант берип, Кудай алдында касам ичкен күндөрү да болду. Канча аракет кылса да, антына тура албады. Антын бузду.

Акырында "Үйдө жатып туура жолго түшүү кыйын экен" деп тоого бет алат. Тоодон ээн үңкүр таап алып, ошондо башпаанек кылып жашап калат.

Үйүндөгүлөрү бул адамдын мындай жоругуна капа болушса дагы, "илдети менен күрөшүп жүрөт" деп анын жоругун колдой башташат. Бир канча убакыт өткөндөн кийин күйөөсү баягы жаман адатынан айыгып калды го деп үмүттөнгөн аялы атайын бир гүлчамбар камдап, сакайып кетиши жана үйгө аман-эсен кайрылып келүүсү тууралуу каалоо-тилегин жазып чабарман жиберет. Мындайга жедеп маш болуп бүткөн чабарман айтылган үңкүргө бат эле жетип, кайра келет. Колуна тигил үңкүр ээсинин аялына арнаган каты бар экен. Сүйүнүп кеткен жубайы катты ачып окуса: "Кымбаттуум, гүлдөрүң үчүн чоң ырахмат. Алар абдан даамдуу экен" деген сөздөр жазылган экен. Мына окурманым, сиз бул тууралуу кандай деп ойлойсуз?

# Таштандыдан акча жасайбыз

**Бир убактарда шаар тургундары туш-тушта үйүлүп жаткан таштандыдан тажап, чыдамы түгөнгөндө мэрдин дарегине наразычылык каттарын жамгырдай жаадырып жиберишкен. Анткени ар жерде үйүлгөн таштанды Бишкек шаарынын көркүн гана бузуп тим болбой, шаар тургундарынын да маанайын бузаары бештен белгилүү эмеспи**



## Күнүнө 5250 сом иштейм

Бишкектин артылбаган акыр-чикири акыры жадагалса, өлкө башчысынын кыжырын кайнатып, "Эгерде 1 ай ичинде шаарды таштандыдан арылта албасаңыз, анда башка кызмат издештире бериңиз" деп жемелеген эле. Мына ошондо гана уйкудан ойгонгон Кулматов ары ойлонуп, бери ойлонуп отуруп, таштанды ташуунун жаңы ыкмасына өткөн.

Ошентип, таштанды ташуу маселеси да өзүнчө жаңы нукка түштү. Анткени тазалык муниципиалдык ишканасында иштеген кызматчыларга маяна туруктуу айлык катары эмес, ташыган таштандысынын көлөмүнө жараша төлөнүп калыптыр. Маселен, 1 тонна таштанды ташыган кызматчыга 1050 сом төлөнүп берилет экен. Ал эми ташууга кеткен күйүүчү май жана унааларды оңдоп-түзөө иштери жумушчунун өзүнүн мойнуна илинген. Тазалык ишканасынын жумушчусу Урмат мурда айлыктан айлыкка жашап келсе, азыр күнүнкүсүн-күндө иштегенине жараша алып калганын айтат.

– Күнүнө тынбай иштесем, 5 тонна киргизем. Алпарганым таразага тартылгандан кийин тоннасына 1050 сомдон төлөнүп берилет. Ошондо мен бир күндө 5250 сом иштейм. Анын 2 миңге жакыны күйүүчү майга жана ичкен тамак ашыма кетсе, калганы капчыгыма калат. Көбүнчө өзүбүзгө тиешелүү райондордон ташыйбыз. Кээде жол-белде ири таштанды төгүлүп жатканын көрсөк, токтоп ала кетебиз. Буга чейин айлык катары айына 5-6 миң сом алчубуз. Азыр абдан жакшы болду. Мурдагыдай жумушчулар айлыктын аздыгына, бул жердин шарттарына наалыбай калды.

Бирок, минтип жумушчулар активдүү киришкени менен, баягы таштанды төгүлчү жайдын көлөмүнө да көлөм кошулуптур. Күнүнө шаардан 500 тоннадан ашык таштанды чыгарылып отуруп, аталган жайдагы таштандынын жалпы көлөмү 1 млн. тоннага жетип калган экен. Натыйжада анын аянты дагы кеңейип, үйүлгөн таштанды алыстан кудум эле ак кар баскан чоң тоону элестетет. Эми аны өрттөп дагы, жерге көмүп дагы жашыра албасак керек. Чынында полигон 15 жылга чейин гана таштанды кабыл алууга жарамдуу делген мыйзам бар, бирок быйыл полигонго 30 жыл толду. Кыштын күнү экенине карабай асманга сапырылган чаңы менен жагымсыз жытынан улам, алыстан эле айланып качасың. Негизги маселе ошол таштандынын кайра иштеп чыгуучу заводдун жоктугунда. Учурда ал ишкананын ордун кереэли кечке желим идиштерди, кагаз картондорду жана бөтөлкөлөрдү чогултуп жанын баккан жергиликтүү селсаяктар менен калктын төмөнкү катмарындагылар басты. Кыскасы, тазалык ишканасынын жумушчуларынын акысын көбөйткөнү жакшы, бирок күндөн-күнгө кеңейип бараткан полигонду кантээр экен?

## Таштандыга 22 млн евро бөлүндү

Шардык полигондун башчысы Алымбек Апазовдун айтуусунда европалык донорлорунун каржылоосу менен жаңы полигон ачууга жана таштанды сорттоочу фабриканы курууга тендер жарыяланат.

Жакында эле Европа реконструкциялоо жана өнүгүү банкы тарабынан 2016-жылга карата жаңы полигонго жана таштандыны сорттоочу фабрикага 22 млн евро бөлүнүп берилген. Анын жарымы кайтарымсыз грант, жарымы кредит. Учурда жаңы полигондун схемасы ойлонуштурулуп, иш кагаздары тууралаанып жатыптыр. Жаңы полигондун аянты 30 гектар. Ал азыркы полигондун түндүк жагында жайгашкан. Алгач эски жайдагы акыр-чикир 9 гектар карьерге ташылат. Карьердин түбү чуңкур болгондуктан ага таштандынын басымдуу бөлүгү батат. Бул терең казылган андын түбү суюктук өткөрбөгөндөй төшөлүп, андан чыккан биогаз менен суюк саркындылар атайын түтүктөр аркылуу сыртка кетет. Газ жана таштандынын бир бөлүгү өрттөлүп, андан пайда болгон электр кубаты жакын жайгашкан конуштарга берилмекчи. Эски полигон толугу менен тазаланган соң жашылдандыруу максатында жаңы көчөттөр отургузулмакчы.



Орусиядагы таштандыны кайра иштетүүчү завод

## Кытайлар таштандыдан идиш-аяк жасайт

Анткени менен шаар тургундары таштанды жаңы ыкма менен ташылганына карабай борбордун экологиялык абалы мурдагыдан анча деле айрымаланып кетпегенин айтышууда. Себеби, таштанды салган контейнерлер эле тазаланып калганы болбосо, пластикалык бөтөлкөлөр, ар кандай целофан пакеттер шардын көркүн бузганы-бузган. Албетте, мындай калдыктар таразада эч кандай салмак бербегендиктен, жумушчулардын да көңүл чордонунан чыгып кетери бышык эмеспи.

Негизи таштандыны кайра иштеп чыгуу мамлекеттик бюджетке оңбогондой киреше алып келет. Ошондуктан өнүккөн өлкөлөр калдыктардын 8-10 пайызын гана жер астына жашырат. Калган акыр-чикирдин баары кайра иштетилет. Маселен, органикалык калдыктарды айыл-чарбага кеңири колдонуучу жер семирткичтерге айландырат. Газетанын кагазын болжол менен 5 жолу кайра иштетишет. Ал эми эч нерсеге жарабай калган калдыкты атайын от жагуучу заводдордо өрттөп, анын табы менен бир канча мекемелерди жылытышат. А биздин мэрия бул маселени баягы эле каржы тартыштыгына байланыштырат. Анткени таштанды иштетүүчү заводдун куну 75-80 млн доллар турат экен. Натыйжада, мамлекеттин мындай акыбалынан кээ бир майда ишканалар менен кытай жарандары гана пайда көрүп жаткан учуру. Айткандай эле, кытайлар таштанды "тоосунан" чогултулган желим идиштерди Кытайга экспорттойт да, ал жактан ар түрдүү күнүмдүк колдонулуучу буюм-тайымдарды жасап кайра эле өзүбүзгө импорттойт. Анткени менен мындай ыкманы кээ бир жергиликтүү ишкерлер дагы өздөштүрө баштаган.

## Биз жасаган чакалар сапаттуу

Мисалы Бакыт так ушундай чакан ишкананын ээси. Ал адамдар шаарды акыр чикирден арылтууда бир гана өкмөттү карап отура бербей, ар ким колунан келишинче өз салымын кошсо дейт. Анын айтуусу боюнча жарандар калдыктарды урнага таштаган учурда пластикалык буюм-тайымдарды өзүнчө, ал эми тез убакытта чирип кетүүчү заттарды өзүнчө таштаса жакшы болмок экен.

– Биз желим бөтөлкөлөрдүн капкактарын пластмассалардын түстөрүнө карай топ-топко бөлүп чогултуп, атайы талкалоочу аппараттан өткөрөбүз. Андан кийин сууга жууп кургатылат. Сууда тазаланып жаткан учурда таза, кайра иштетүүгө жарай турган пластмассалар суунун бетине чыгып калат. Ал эми чөккөндөрү ар кандай аралашмасы бар экендигинен кабар берет. Аларды да иштеткен кесиптештерим бар. Мен көбүнчө пластмасса чакаларды иштеп чыгарам. Чийки затка чаканы кандай түстө чыгаргыбыз келсе, ошого жараша боёк кошобуз. Ар кандай кошулмалардын баасын эсепке алуу менен бир чаканы 42-45 сомго сатам. Бир күндө 250-300 чака чыгарам. Чакалар базарда 80-100 сом турат. Ал эми кытайдын ушундай эле чакасы 150-200 сомго тете. Кыргызстанда жасалган чака, чөөгүн, тазик жана башкалардын көрүнүшү анча болбогондуктан элдер кытайдыкына кызыгышат. Ал эми биздин продукция алардыкына караганда сапаттуу келет. Себеби, алар буюмду атайын сапатсыз чыгарат эмеспи. Кайра-кайра товар өтсүн, иш токтобосун деген максаты бар да.

Кыргыз Республикасынын «Өндүрүштүк жана керектөө калдыктары жөнүндөгү» мыйзамында калкка таштанды таштоонун жол жобосун көрсөтүү жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүү үчүн атайы мамлекеттик органдарга ыйгарым укуктар каралган. Бирок жарандар таштандыны сорттоп ыргытуунун мааниси чоң экенине алиге чейин ынана элек. Бул ошол мыйзамдар китепте эле жазылып калганынан кабар берет. Анын үстүнө, кандай болгон күндө да жергиликтүү селсаяктар урналарды тинтип, кайрадан баарын аралаштырып, астын-үстүн кылат эмеспи. Ошондуктан шаарды акыр-чикирден арылтуу жана экологиялык абалын жакшыртуу иши бир канча комплекстүү иштер менен коштолуусу керек. Маселен, эл таштандынын кесепетинен келип чыккан зыяндар жөнүндө кабардар болуп, тиешелүү мекеме ишканалар өз жоопкерчиликтерин сезүүсү зарыл.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Тоону бир айда томкорсо болобу?




Акыркы убактарда тил курстары көбөйүп, "бир айда чет тилин мыкты үйрөтөбүз" деген жарнамалар шаардын ар кайсы бурчтарында жайнап чыга келди. Натыйжада, биз чынында эле ушунча кыска мөөнөттө тил үйрөнсө болобу деген суроого жооп издеп көрөлү дедик

## Жумушка барсаң, адистигиңди эмес, канча тил билериңди сурайт

Замандын талабы менен эне-тилден тышкары бир нече тил билүү жаштар арасында модага айланып, маанилүү орун ээлеп калды. Себеби, жумуш берүүчүлөр иш издеп келгендерден адистигинен, тажрыйбасынан, техника колдонуу жөндөмдүүлүгүнөн тышкары канча тил билерин да сурашат. Анан калса, билген чет тилиң дагы учурдун суроо-талап жараткан тили болбосо, жакшы жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүң азаят.

Ал эми көп жылдан бери тил үйрөтүү бизнеси менен алектенип келе жаткан курстар "бир айда адам тил үйрөнө албайт" деп чечкиндүү айтышат. "Английский на Юбилейке" тил үйрөтүү курсунун башчысы Валентина Александрова адамда күчтүү каалоо болсо дагы кыска мөөнөттө тилди үйрөнө албаарын айтат: " Тилди бир айда үйрөнүү мүмкүн эмес. Ал үчүн бир канча ай керек болот. Азыркы курстар адамдан тилди канчалык деңгээлде билерин аныктаган тест жүргүзбөй эле окутуп башташат. Бул туура эмес усул. Ошондой эле ар бир тилдин өзүнүн үйрөтүү методикасы жана деңгээли болот. Бир деңгээлге жетиш үчүн эле 3-4 ай кетет", - деди.

"Easy English" тил үйрөтүү курсунун администратору Ольга айым эң негизгиси адамга баштапкы багыт берип койсо жана үйрөнүүчүнүн каалоосу күчтүү болсо, бир айда өздөштүрүп кете алат дейт: "Биздин тил курсубуз 3 жылдан бери иш алып барат. Бул жылдар аралыгында көп студенттер менен иштештик. Көпчүлүк келгендер тилди жумушка орношуу үчүн үйрөнүшөт. Биз тил үйрөнүүдө бир канча жыл талап кылынат дегенге кошулбайбыз. Мисалы кимдир бирөө шашылыш чет жакка кетүүсү керек болуп калса, ал дароо бир айлык курстарга барат. Ал жерден тилдин грамматикасын, сөздөрдү туура колдонууну үйрөнсө, калганын өз алдынча деле үйрөнсө болот."

Тил курстарына багыт алгандардын көбү жаштар, студенттер, окуучулар болгондуктан сабакты ким өтөрүнө көп деле маани бербейт. Чет тилди ошол тилдин өкүлү берет десе, кызыгып курска жазыла беришет. Ал мурда сабак бергенби, педагогикалык билими барбы деген суроо азын гана кызыктырат.

## Тил үйрөтүү өзүнчө бир бизнеске айланган

Тил үйрөтүү азыркы тапта өзүнчө бир бизнеске айланган. Чет тилин үйрөтөбүз деген жарнамалардын көптүгүнөн бардык адамдар лингвист болуп кеткен го деп дагы ойлойсуң. Акыры биз дагы катардагы эле аялдамаларда чапталып турган тил курсуна барып көрүүнү чечтик. "Бир айда чет тилин мыкты үйрөнүп чыгасың" деген жарнамадагы дарек боюнча барганыбызда, аны эскилиги жеткен кабат үйлөрдөн таптык. Эски отургуч, стулдар, жазуу тактайы, бир канча мамлекеттин желектери илинген дубал айтылган офистин көрүнүшү экен. Жумасына үч ирет сабак өтүлө турганын, саатына 350 сом төлөнөрүн курстун администратору айтып жатты. "Сертификат, стажировка берилеби" деп сураганыбызда "жок" деген жооп уктук. Эң кызыгы, биз барганда тил үйрөнүп жаткан бир дагы группа жок экен. Ал эми баасы катардагы студент үчүн өтө эле жогору. Мына ушундан улам баасы арзан деп эле ар кайсы тил курстарына жазыла берүү туура эмес экенин байкадык. Мындай сапатсыз курстарга акча короткондон көрө, ошол тыйынга өз алдынча китеп алып, окуп үйрөнүү алда канча пайдалуу болсо керек.

## Учурдагы талапка карап тил үйрөнүү зарыл

Чет тилин үйрөнүүдөн мурун учурдагы талапты дагы эске алуу керек. Көпчүлүк жаштарыбыз салтка айланып калган англис тили сыяктуу тилдерге басым жасап келишет. Бирок учурда кайсы тил популярдуу экенин карап чыгуу анча деле оор эмес. Эмесе, дүйнөдөгү суроо-талап жаратып келаткан 10 тилге токтолсок:

- Англис тили - дүйнө тилдеринин арасынан биринчиликте турат. Бардык мамлекеттердин өкүлдөрү ушул тилде бири-бирин түшүнүшөт. Жалпысынан англис тилин дүйнөнүн 1/3 бөлүгү түшүнүп, сүйлөй алат;
- Испан тили - учурдагы талап боюнча экинчи орунда турат жана БУУнун расмий тилдеринин катарына кирет. Бул тилдин эң жакшы жери - грамматикасы өтө жеңил болгондуктан үйрөнүүдө оорчулук жаратпайт;
- Кытай тили - жылдан-жылга популярдуу болуп бара жатат. Экономикасынын өсүшү, маданияты, 1,3 млрдга жеткен калкы бул тилди популярдуу кылып келет. Бирок тилди үйрөнүү өтө эле кыйын. Бир канча диалектилери бар. Кырк миңге жакын иероглифин толугу менен кытайлар өздөрү да билбегендиктен чет тилдүү жаран үчүн бул тил көп эмгекти талап кылат;
- Орус тилинде азыркы тапта 250 млн. адам сүйлөйт. Бул тилде миңдеген илимий, техникалык материалдар жазылгандыктан талабы жогору. Ошол эле маалда орус тили дагы БУУнун расмий тилдеринин катарына кирген;
- Араб тилинде 400 млн. адам сүйлөйт. Бул тилди билген кызматкерлер эң көп маяна алгандар болуп саналат;
- Романтикалуу француз тили талабы боюнча алтынчы орунда турат. Анын грамматикасы англис тилине окшошуп кеткендиктен бизге үйрөнүү оңой;
- Кийинки учурда Бразилия мамлекетинин экономикасы да өсүп бараткандыктан, португал тили суроо-талап жарата баштады. Натыйжада, бул тил талабы боюнча жетинчи орунда;
- Япон тилинин грамматикасы өтө эле татаал. Ошондой эле тилдин сүйлөө формасы ар кандай болгондуктан чет элдик адам үчүн да оор;
- Түрк тилин үйрөнүү оңой болгондуктан суроо-талап жараткан 10 тилдин катарына кирип калган;
- Немец тилин үйрөнүү англис тилин үйрөнгөндөй эле нерсе. Бирок грамматикасы кыйын.

## Тилди анын өкүлүн түшүнүү үчүн үйрөнүү - жаңылыштык

Көпчүлүк тил үйрөнүүчүлөр чет тилди ал тилде сүйлөгөндөрдү түшүнүү үчүн гана керек деген жаңылыш пикирде болушат. Тил менен кошо ал элдин маданиятын таанып билүү керек экенин биле беришпейт. Ушул жерден өз алдынча курстарда, топтордо тил үйрөнүүчүлөр үчүн айрым кеңештерди бере кетсек:

- Эң алгач "тилди эмне себептен үйрөнүп жатам" деген суроону өзүңүзгө бериңиз. Чет өлкөгө баруу үчүн үйрөнүп жатасызбы, же жумуш табуу үчүнбү? Же жөн гана достор менен баарлашуу үчүн окуп жатасызбы? Мына эң биринчи ушул суроону тактап, максатыңызды бекемдеп алыңыз;
- Сиз үйрөнүп жаткан тил келечекте сизге пайдасын бере алабы? Сизде кийинки бериле турган суроо ушул болушу керек. Антпесе, убактыңызды текке кетирип жаткан болушуңуз да мүмкүн;
- Жогорудагы суроолорго жооп таап, максатыңызды бекемдегенден кийин тил үйрөнүүгө киришесиз. Тил үйрөнүүдө сөздөрдү жаттап, аларды күнүмдүк турмушта колдонууга аракет кылыңыз;
- Үйрөнүп жаткан тилде китеп окуп, аудиолорду угуу жана тасма көрүү да негизги нерселерден.

Ошондой эле адистердин айтымында тил үйрөнүүдө бир гана каалоо жетиштүү эмес. Мыкты деңгээлде тил үйрөнүү үчүн бир канча эрежелерди эске тутуу да сунушталат. Ал үчүн:

- Үйрөнүп жаткан тилде болушунча ката кетирүү керек. Себеби кетирилген катанын негизинде канчанчы даражада экенибизди билип турабыз;
- Түшүнбөй калган учурда кайра суроодон тартынбоо зарыл;
- Үйрөнүп жаткан тилде ойлонууга аракет кылыңыз;
- Жанында дайым блокнот алып жүрүү;
- Туура эмес болсо дагы сүйлөмдөрдү түзүү, күнүмдүк колдонгон буюмдарды үйрөнүп жаткан тилде айтуу;
- Уктаар алдында жаңы үйрөнүп жаткан сөздөрдү кайталоо;
- Өтүлгөн ар бир теманы кайра-кайра кайталап туруу;
- Күнүмдүк режимге атайын тил үчүн белгилүү бир убакытты бөлүү.

Тилди кайдан, кантип үйрөнүү керек экенин ар бир адам өзү чечет. Бирок тапкан акчаңызды шылуун тил курстарынын чөнтөгүнө салып берүүдөн абайлап, бара турган жериңизди жакшылап тактаңыз. Ии баса, эң негизгиси чет тилди үйрөнөм деп жүрүп, эне тилди унутуп калбаш керек.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ



# Руслан Акматбек: «Кыргызстандын капчыктуусуна 40 долбоор сунулду»

Акча көмүскөдө же жаздыктын астында жатпашы керек. Акча экономикада кандын ролун аткарат. Ошондуктан акча жүгүрүп, иштеп турушу кажет. Өндүрүштөн баштап, курулуш материал, текстиль чыгаруу, кызмат көрсөтүү, кайра иштетүү чөйрөлөрүн камтыган 123 долбоор келип түштү. Алардын ичинен 40ка жакыны тандалып, каржы булагы табылмакчы



Бишкекте Экономика министрлигинин колдоосу алдында ЖИА бизнес-ассоциациясы тарабынан уюштурулган "Бишкек Инвестициялык форум-2015" аталышында иш-чара өттү. Анда ишкерлер менен ички инвесторлордун жолугушуу аянтчасы түзүлгөн. Буга кошумча, форумда ийгиликтүү ишкерлер бизнести өнүктүрүү жана инвестиция тартуу боюнча тажрыйба бөлүшүштү. Бул форумдун максаты жана андан күтүлгөн жемиштер тууралуу ЖИА бизнес-ассоциациясынын аткаруучу директору Руслан Акматбек менен маектештик.

**– Бул форумдун негизги максаты өз ишин бутуна тургузган жергиликтүү ишкерлерге бизнесин кеңейтүү боюнча жардам берүү деп жатасыздар. Эмесе, конкреттүү кандай колдоолор болот?**

– Учурдагы экономикабыздагы кризис жергиликтүү ишкерлер үчүн кыйынчылык жаратып келет. Алар бизнестерин өнүктүрүү үчүн кошумча каражаттарга муктаж. Өлкөдө чакан жана орто ишканалардын көбү кредит алууга мүмкүнчүлүгү жок. Чакан жана орто ишканалар үчүн кредит алуу өтө оор жана пайыздык үстөктөрү да жогору. Ошол эле убакта өлкөбүздө белгилүү бир каражатка ээ болуп, бирок аны кайда жумшаарын, же бизнеске кантип салаарын билбегендер аз да болсо бар. Алардын бул маселе боюнча кайрыла турган экономикалык аянтчасы да жок. Евразиялык экономикалык биримдикке (ЕАЭБ) кирдик деп өкмөттөн колдоо күткөн менен, ал алгылыктуу жардам бере албайт экен. Бизнес үчүн каражат маселеси өтө маанилүү. Ошондуктан биздин максат, каражаты барлар менен "өсөм, чоңоём" дегендерди бир аянтчага алып келип, жолугуштуруу болду. Форумдун негизги урааны "Акчаңды ойгот!" деп аталат. Акча деген көмүскөдө же жаздыктын астында «уктап» жатпашы керек. Акча экономикада кандын ролун аткарат. Ошондуктан ал улуттук экономиканын «денесинин ар бир клеткасында» жүгүрүп, иштеп турушу кажет. Бизге өндүрүштөн баштап, курулуш материал, текстиль чыгаруу, кызмат көрсөтүү, кайра иштетүүнү камтыган 123 долбоор келип түштү. Алардын ичинен 40ка жакынын тандап, каттоого киргиздик. Эми булардын ишин жандантуу үчүн акчалуу жарандарыбыз менен жолугуштурабыз.

**– Чакан жана орто бизнести жергиликтүү капчыгы калыңдардын жардамы менен бутка туруп кетүүгө мүмкүнчүлүгү бар деп келесиздер. Муну кантип ишке ашыралы деп турасыздар?**

– Калктын басымдуу бөлүгү инвестор десе эле аны жомоктогу араб шейхи сыяктуу бооркер, кайрымдуу кишидей сезишет. Ошондуктан инвестор түшүнүгүн өзгөртөлү деп турабыз. Биз жергиликтүү бизнести каржылаган мекендештин үлгүсүн көрсөтүүнү максат кылуудабыз. Инвестор сенин чөнтөгүңө акча сала турган же сенин көйгөйүңдү чече турган киши эмес. Ал биринчиден сенин өнөктөшүң, сенин бизнесиңди алдыга жылдыра турган, ага каражат сарптай турган киши болот. Ошондуктан аны өзүңө өнөктөш кылуу үчүн компаниянын ага жагымдуу тараптарын тартуулашың керек. Ошондо гана инвестор өз каражатын коротушу мүмкүн.

**– Бул форум жыл ичинде кандай жыйынтыктарды бериши мүмкүн? Кандай ишеничтер бар?**

– Биринчи күткөнүбүз жергиликтүү ишкерлер менен аларды каржылайм деген жарандарыбыздын ортосунда бири-бирибиз менен иштей алабыз деген ишенични калыптандыруу. Коомчулукта, анын ичинде бизнесте ишеничтүү деген боз үйдүн түндүгүн көтөргөн бакан сыяктуу фактор жок болуп баратат. Бизге долбоорлор келди. Бирок ишкерлерибиз эч кимге ишенбегендиктен финансылык көрсөткүчтөрүн көрсөткүсү келбей жатты. Бизнесте ишеним деген фактор өтө маанилүү. Инвестор жергиликтүү болобу же чет жактан келеби, ал ишенген адамынын ишенген ишине гана каражат сарптайт.

**– Ишкер менен инвесторго жолугушуу аянтчасын түзүп берип жатасыздар. Кийин кесепетин тартып калбайбызбы деген коркуу жокпу?**

– Буга чейин деле мындай форумдар болуп келген. Бирок биз бул форумга конкреттүү, иштеп кетчү долбоорлорду сунуштаганга аракет кылдык. Бизнес эки тарап отуруп бир сүйлөшүп коюу менен бүтүп калбайт. Андан ары сүйлөшүүнү уланта турган жана биргелешип иштеп кетүү жолдору каралуусу керек. Ошондуктан бул форумду өткөрүп, кийинки жылдары да салт катары уланталы деп жатабыз. Айрым ишкерлер өздөрүнүн бизнес долбоорлорун жазганга даяр эмес экен. Менин долбоорум башымда, акылымда бар дешет. Ал эми кагазга түшпөгөн долбоордун ишке ашуусу оор. Аларга да колдон келишинче жардам берүүгө туура келди.

**– Өткөн форумда ишкерлерден эмнелерди байкай алдыңыз?**

–Ишкерлердин өнүгөм деген каалоосун, инвестор менен жолугам деген аракетин байкай алдым.

ГҮЛНАЗ МАМЫТОВА

# Мыйзамдар ишкерлерди кыйноо үчүн жазылгандай

"Бишкек Инвестициялык форум-2015" иш-чарасына Ысык-Көл облусунан келип катышкан Ысык-Көл агрокомпаниясынын директору Аскарбек Сулаймановду кепке тарттык

**– Айтсаңыз, аймактарда ишкерликке кандай көйгөй, тоскоолдуктар бар?**

– Мыйзам чыгаруу тармагында бир топ кемчиликтер бар. Ишкерлерди колдоо үчүн деп жазылган мыйзамдар тескерисинче ишкерге көп тоскоолдук жаратып коёт. Маселен, биздин компанияны түзүп жатканда жапондор менен көп иштештик. Ошондо юридикалык жактан көптөгөн тоскоолдуктарга кабылдык. Бул машакатты көргөн жапондор, силердин мыйзамдарыңар ишкерликти өнүкпөй тургандай кылып чиелешип калыптыр деген ойлорун айтышты. Ошол чиелешкен түйүндүн баарын чечмейинче силердин бизнесиңер өнүкпөйт дешкен. Мына ошол түйүндөрдү аттап өтүш үчүн коррупцияга кабылабыз. Ошондуктан мыйзам чыгаруучулар, мыйзамдарды Кыргызстандын өнүгүшүнө тоскоол болбой тургандай кылып кабыл алса дейбиз.




**– Өткөн форум тууралуу кандай ойдо калдыңыз?**

– Бул форум инвестиция издеп жаткан ишкерлерге жакшы мүмкүнчүлүк экен. Өзүбүздүн жарандарыбыздын арасынан инвесторлор чыкса жакшы болот. Анткени жергиликтүү инвесторлор менен бири-бирибизди жакшы түшүнөбүз. Кантсе да бир мамлекетте, бир мыйзамга баш ийип иштейбиз. Көп убакыт короттой, бат иштешип кете алабыз деген үмүттөр бар.

ГҮЛНАЗ МАМЫТОВА

# Адаттан башкача АУЦА

Кандайдыр бир иморатты кышында жылытуу жана жайында салкындатуу маселеси кайсы өлкөдө болбосун орчундуу көйгөйгө айланган. Бирок, кээ бир өнүккөн өлкөлөр жылуулукту адаттан тышкары жолдор менен табууга катуу кызыктар



Мына ушундай өзгөчө ыкманын бири Борбор Азиядагы Америка Университетинин (БААУ) жаңы кампусунда ишке ашкан. Бир нече изилдөөлөр менен жерди 10 метр казганда андагы жылуулук жайы-кышы 10 градустун тегерегинде экени далилденген. БААУнун аймагында сырттагы сууну агызып келип имараттын алдына топтоочу 150 түтүк бар. Бул түтүктөр аркылуу суу жердин астына кирип 10 градус жылыйт. Андан кийин жылуу суу башка түтүктөргө майда тешикчелер аркылуу кирет. Мындан соң, атайы орнотулган жылуулук насостору аркылуу имаратка берилет. Ал насостор сууну белгилүү бир градуска чейин ысытып, университеттин ар бир аудитория жана кабинеттеринде орнотулган атайын полдорго айдайт. Мындай полдор жер алдынан келген ысык суу менен мекемени жылытат. Университетте мындан башка бир дагы жылытуучу каражаттар орнотулган эмес.

Бул система жайында салкындатуучу кондиционерлерди колдонуудан да арылтат. Анткени ошол эле жер астындагы суу менен жылытуучу пол жайкысын жылытуучу эмес салкындатуучу полдун милдетин аткарат.

БААУнун президенти Эндрю Вахтелдин айтуусунда бул система өзүн бир нече жылда актайт. "10 жылдан кийин электр энергия азыркыдай арзан берилерине эч ким кепилдик бере албайт. Ошондуктан мамлекетке же жеке ишканаларга көз каранды болбогондой кылып өзүбүздү жылуулук менен камсыздап койдук десек болот. Бул системанын өзүн-өзү акташы көп убакытты талап кылат. Ошондуктан аны кылымдар бою туруучу ири соода борборлору же компаниялар орнотсо болот», - дейт ал.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Кечикпеш үчүн эмне кылыш керек?




Учурда жашоонун агымыбы же турмуш ушуга алып бардыбы, кыскасы көп адамдар эч нерсеге жетишпей, убада кылган жерлерине кечигип калууда. Натыйжада кечиккен да, кечиктирген да, күткөн да, күттүргөн да ыңгайсыз абалда калып келет. Бирок бир нече жөнөкөй эрежелерди сактоо менен өзүбүздү бардык ишти убагында кылууга тарбиялаcак болот





**1.** Жуунуш керек болсо мончого, же душка кечинде кирип чыгуу абзел. Бул эртең мененки убакытты бир топ үнөмдөйт;



**2.** Көбүбүз, өзгөчө айымдар, жумушка кетип бараткан-да гана "Ии кайсы кийимди кием? Чачымды кандай тарайм?" деп бушайман болобуз. Натыйжада, эртең менен ойлонууга эле эң аз дегенде 15 мүнөт кетет. Ошол себептен кечинде эле эртең кийилчү кийимиңизди даярдап, чач жасалгаңызды ойлонуп коюшуңуз керек;




**3.** Эртең менен кофе же чай ичем дегендер термоско ысык суу куюп кечинде эле даярдап коюш керек. Жумушка тамак алып бара турган болсоңуз, анда кечки тамактан атайын контейнер идишке куюп баштыкчага салып коюңуз. Муну менен сиз тез тамактануучу жерлерден күмөндүү тамак сатып албайсыз жана акчаңызды да үнөмдөйсүз;



**4.** Көптөрүбүз кечинде сумкабыздан иш кагаздарын же болбосо блокнотторду алып чыгып колдонобуз. Аларды кайра сумкабызга салбай калабыз. Эртең менен шашканда керектүү иш кагаздарын унутуп коюшубуз ыктымал. Ошондуктан сумканы кечинде даярдап, текшерген соң гана уйкуга камынуу керек;



**5.** Эркектер өсүп кеткен сакал муруттарын эртең мененкиге калтырышат. Сакал мурутуңузду кечкисин алганда же тегиз-дегенде сиз убактыңызды гана үнөмдөбөстөн, бетиңизге чыкчу ар кандай жара жана кычыштырган ооруулардын да алдын аласыз;



Сүрөттөр ▸ wikiHow

**6.** Кечинде эртең менен кийилчү бут кийимди жууп, кургатып, майлап коюу керек. Муну кечинде жасабасаңыз, эртең менен шашып жүрүп боз ала кылып эптеп-септеп сүртөсүз да, кечке чейин кыжалат болуп жүрө бересиз.

Ал эми кечинде жуунуп, кийимиңизди даярдап, чач жасалгаңызды ойлонуп, термоско чай куюп, тамакты контейнерге салып, сумкаңызды даярдап, сакал-мурутту алып жатсаңыз, эртең мененки убакыттын бир тобу үнөмдөлөт. Булардын баары даяр болсо эртең менен жакшы маанай менен шашпай туруп көнүгүү жасап, даярдалган кийимиңизди кийип, төшөгүңүздү жыйнап, тамактанып алып жумушка убагында жетишесиз.

## Эксперттен кеңеш

Эң биринчи даярдалчу нерсе - сумка, капчык, ачкычты кире беришке коюу керек. Кечинде кеч жаткан болбойт. Аткени эртең менен турганда уйкудан кыйналасыз. Жок дегенде 5-8 саат укташ керек. Электроникалык жабдыктарды алыс коюп жаткан жакшы болот. Себеби телефон, зарядка ж.б сыяктуулар адамдын энергиясын алат. Ал эми уктаардан бир саат мурун телефонду өчүрүп, китеп окуп уктаса, эртең менен мээ сергек болот.

Материалды даярдаган АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Султан Тукешов: «Колуман 5000 тагдыр өттү»

Гезитибиздин бүгүнкү каарманы Бишкек шаарындагы көп кырдуу "Green Clinic" медициналык клиникасынын директору, медицина илимдеринин кандидаты Тукешов Султан Конокбаевич болмокчу




## Кесибиме мектептен даярдана баштадым

Өзүм жөнүндө айтып баштаардан мурун мени ушул даражага жеткирген ата-эне-ме, кесиптик көндүм-дөргө ээ болушума жардам берген устаттарыма, мугалимдериме терең ыраазычылык билдирем. Атам – Тукешов Конокбай учурунда көл кылаасынын мамлекеттик башкаруу органдарында кызмат кылган белгилүү адам эле. Учурда ардактуу эс алууда. Атам менен апам бизди эс тарткандан бери жөнөкөйлүккө, адамгерчиликке, эмгекчилдикке тарбиялаган. Устаттарыбыз болсо кесипкөйлүккө, өз ишибиздин чыныгы чебери болгонго багыт беришти. Микрохирургия бөлүмүн тандашыма апам себепчи болду. 9-класста окуп жүргөн кезимде апам: "Балам, сен келечекте врач болбойсуңбу. Элге кызматың артат. Жакшы кесип" дегенинен улам терең ойлонуп көрүп, медицинага багыт алдым. Мектептин бүтүрүүчү классында окуп жүргөндө атайын репетитор жалдап, химия жана биология сабактарын тереңдетип окудум.

## Түшүп калган бармакты ордуна келтирдим

Мектепти бүтөрүм менен эле медициналык институтка өттүм. Алты жыл окудум. Окуу учурунда эч кандай көйгөй болгон жок. Себеби жок бир да жолу сабакты калтырып, же болбосо сессиядан кулап калган жокмун. Окуп жүргөндө эле пластикалык хирург болсомбу деген оюм бар болчу. Кайсыл жерде пластикалык хирургия боюнча ординатура бар деп иликтеп жүргөм. Улуттук госпиталдагы пластикалык микрохирургиянын "Кол хирургиясы" бөлүмүндө теория менен практиканы айкалыштырып, кесиптик көндүмдөргө ээ болдук. Ординатуранын экинчи курсунда түшүп калган колдун бармагын кайра ордуна тигип жандандыра турган операция жасадым. Бул микрохирург үчүн эң маанилүү операция. Госпиталда бош штат болуп калып, ординатурада жүргөн кезимде көрсөткөн ийгиликтериме карап, мени жумушка кабыл алышты. Ошентип, врач болуп иштей баштадым. Өз алдынча оорулууларды дарылап, кесиптик чыйыр жолум ушул жерден башталды. Бул жерде операцияны ычкам жасай турган система бар. Ушул система врач болуп калыптанышыбызга абдан жардам берди. Жаш хирургга атайын операцияларды ишенип көп бере беришпейт. Ал эми нөөмөттө турган хирург тажрыйбалуу болобу, тажрыйбасыз болобу, ал ычкам операцияны жасаганга милдеттүү. Ычкам операцияларды нөөмөттө турганда көбүрөөк жасап жүрүп колубуз такшалды. Кадимки хирургдардай болуп калыптана баштадык. Ар бир операцияны жасоодо хирургдан зор жоопкерчилик талап кылынат. Себеби, бул дүйнөдө адам өмүрүнөн кымбат эмне бар? Биздин кесип түздөн-түз адам өмүрүнүн маанилүүлүгү менен байланыштуу.



## Тарамыш, нерв жана кан тамырды кайра куроо

Алгач ычкам операцияларды жасап жүрүп, пландуу операцияларды жасаганга өттүк. Пландаштырылган операцияларды жасоо ычкам операцияга караганда татаалыраак. Анткени бир канча жыл өтүп кеткенден кийинки деформацияланган дене мүчөлөрүнүн бөлүктөрүн баштапкы абалына кайра келтирүү – татаал процесс. Буту-колу, тарамыштары, нервдери иштебей калгандар келет. Ошолорду кайра кураштырып, реконструкция кылабыз. Бул энелерибиздин кадимки курак курааганына окшош иш болот. Тарамыш жетпей калган жерине башка жердин тарамышынан, нерв жетпей калса, башка жердин нервинен, кан тамыр жетпей калса башка жердин кан тамырынан салып, которуштуруп иштетебиз. Машина ондогондой эле адамдардын ден-соолугун ушундай алып салуу, алмаштыруу сыяктуу жолдор менен оңдогонго аракет жасайбыз.



Биздин коомчулугубузда пластикалык хирургия боюнча калыптанып калган тар түшүнүк бар. Жарандарыбыз пластикалык хирургияны көзүнө сурма коюу, бырыштарды жоготуу, кулагын, мурдун, көкүрөгүн жана башка жерлерин көркөмдөө деп түшүнүшөт. Бул чынында пластикалык хирургиянын бир гана бөлүмү. Болбосо, пластикалык хирургия төрт чоң багытка бөлүнөт.

## 5000 адамга операция жасадым

Пластикалык хирургиянын биринчи багыты – реконструкциялык операциялар. Буга тарамыш, муун, нервдери иштебей калган адамдардын иштебеген бөлүктөрүн кураштырып, кайра жандантуу кирет. Экинчи багыты – шишиктер менен иштөө. Мисалы, муундан, териден жана башка жерден алынган шишиктердин ордун калыбына келтирүү. Үчүнчүсү – ычкам хирургия. Адамдар бир жерин кокустук менен кесип алса, автокырсыкка учурап дене-мүчөлөрүнөн жабыркап келсе, же кандайдыр бир мүчөсү кыйылып калса, мына ошолорду жандандырган, улаган хирургияны ычкам хирургия деп айтабыз. Төртүнчү бөлүмдү эстетикалык хирургия деп атап коёбуз. Адамдын сырткы келбетин сулуулай турган бөлүм ушул. Эстетикалык хирургияда ашып кетсе, жасала турган он-он эки операция бар. Аларды колго эле санап койсок да болот. Пластикалык хирургия травматологияда, онкологияда, жүрөк хирургиясында, ичегилердин хирургиясында да бар.

Он эки жылдык догдурлук иш-тажрыйбамда 5000ден ашык операция жасадым. Операция жасаардын алдында пациент менен кеңешип, кандай материалдар керектелет, операция кандай жасалат, кайсы түрүн жасайбыз деп тактап-бышыктап алабыз. Пациент менен тыкыс иштешүү абдан маанилүү. Операция кылгандан кийин да бизге кайрылган адамдар менен байланышып турабыз. Клиникабыздын телефону 24 саат бою иштейт. Ар бир оорулууну үйүнө чыгарып жибергенден кийин да ошол адам тууралуу "Кандай болуп калды экен? Бардыгы ийгиликтүү болдубу?" деп ойлоносуң. Себеби, биздин кесибибиздин жоопкерчилиги өтө чоң. Адам өмүрүнөн башка бул дүйнөдө эң кымбат эмне бар дейсиз. Ошондуктан биз кесипкөйлүктү биринчи орунга коёбуз. Эгерде бизге келип, жардамыбызды алган адамдар бизге кайрылбай калса, анда ал адамдын ден-соолугу жайында экен, баары ийгиликтүү болуптур деп жыйынтык чыгарабыз.

## Мигранттар качып кетишип ортодо чайналып калабыз

Бизге ар кандай социалдык катмардагы адамдар кайрылышат. Көпчүлүк учурда ычкам операция жасаарда, жарандарыбыздын документ маселеси боюнча кыйынчылыктарды тартабыз. Бизде мамлекетик төлөмдөр деген бар. Ошолорду төлөй албай калган учурлар болуп калат. Ортодо хирург чайналып калган учурлар болот. Жасабай койсоң күнөөлүү болуп каласың. Мамлекеттик клиникалардан 5-10 пайызы качып кеткен оорулуулар болот. Өзгөчө ычкам хирургия бөлүмүнө, региондордон келип иштеп жүргөндөр ар кандай кырсыктардан улам келген учурлар көп болот. Алардын көпчүлүгү иш берүүчүлөр менен эч кандай келишим түзбөй туруп жумушка орношуп алышат. Мына ушундай жарандарыбыздан ар кандай маселелер пайда болот.

## Бизде сулуулоо операциясы арзан

Кийинки убактарда эстетикалык хирургия боюнча кайрылуулар да өтө көбөйдү. Эстетикалык хирургия боюнча кайрылгандардын көбү чет өлкөлөрдө иштеп жүргөн жарандар. Чет өлкөдө сулуулоочу операциялар кымбат болгондуктан, биздеги жеткиликтүү бааларга карап, кайрылышат. Сырттан тапкан акчаларга өзүлөрүн сулуулап алып, кайра учуп кетип жатышат. Аларга бул жаатта татыктуу кызмат көрсөткөнгө жетишип калдык.

Айтмакчы, биз да бекер турбай, чет өлкөлөргө чыгып алардын иш тажрыйбаларын көрүп келип жатабыз. Мисалы, статистика боюнча дүйнөдөгү пластикалык хирургиянын эң эле өнүккөн борбору Түштүк Кореяда, жылына сырттан келип көзүнө сурма койдургандардын саны эле он миңден ашат. Өлкөнүн бюджетине ушундан эле 10 млрд. доллар киреше түшөт. Биз да өз кызматыбызды экспорттогонго жетишип калдык. Биздин клиниканын сайтын дүйнө жүзүндөгү көп өлкөлөрдөн карап, салыштырып көрүп, учуп келип операция жасатып жатышат. Жашоодогу максатым ушул ишибизди дүйнөлүк лидерликке чыгаруу.

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ




Операция учурунда

# Атына заты жарашкан Жоомарт

Жоомарттын адамгерчилиги өтө улуу. Бирөөнүн кайгысын өзүнүкүндөй кабыл алган. Адамдарга жакшылык гана каалап, берээрге ашын таппаган март, шар, колу ачык, бапырап жүргөн бараандуу акын болгон. Ачык күлкүсү тоо жаңыртып, атына заты жарашкан март эле. Мансапка, атакка кызыкпаган токпейил, ынсаптуу адам болгон



**Жоомарт Бөкөмбаев** Жаныбек Жоробаев досу менен

Сүрөт ▸ foto.kg

## Эмгекчилердин образын жаратуучу

Акын, драматург Жоомарт Бөкөмбаев 1910-жылы ал кездеги Ош областынын Кетмен-Төбө районунун Мазар-Сай деген кыштагында кембагалдын үй-бүлөсүндө туулган. Ата-энесинен эрте ажыраган акын 1924-жылдан 1926-жылга чейин Жалал-Абадга жакын жердеги Көкарт балдар үйүндө тарбияланган. 1926-жылдан 1931-жылдарга чейин Ош жана Фрунзе шаарлардагы педагогикалык техникумдарда окуган. 1933-жылдан 1935-жылдарга чейин Москва шаарындагы Журналистиканын коммунистик институтунда билим алган.

1931-1933-жылдары "Кызыл Кыргызстан" гезитинин редакциясында бөлүм башчы болуп эмгектенген. 1935-жылдан 1941-жылга чейин "Ленинчил жаш" гезитинде редактор, "Советтик адабият жана искусство" журналында башкы редактор болуп эмгектенген.

1941-жылы Жоомарт Бөкөмбаев өз ыктыяры менен Советтик Армиянын катарында кызмат өтөйт. "За Родину, вперёд" аттуу дивизиондук гезиттин редактору кызматын аркалайт.

1927-жылы Жоомарттын Ош кантондук гезитинде Жоомарттын "Жер алган кедейлерге" аттуу ыры басылат. Бул ыр кыргыз дыйканынын турмушундагы көрүнүктүү окуя – Кыргызстандын түштүгүндөгү жер-суу реформасына арналып жазылган. 1933-жылы "Эмгек тели" аттуу алгачкы поэтикалык жыйнагы жарыкка чыккан. Жоомарт кыргыз акын, жазуучуларынын ичинен кыргыз адабиятына алгачкылардан болуп ынтызар эмгекчилердин образын киргизген.

## "Алтын кыз"

Жоомарттын чыгармачылыгындагы мааниүү ролду 1935-жылы жарык көргөн "Алтын кыз" поэмасы ойногон. Акындын бул чыгармасынын негизинде музыкалык драма театр сахнасына коюлган. Ошондой эле, "Айчүрөк", "Токтогул", "Семетей" пьесалары да өз күйөрмандарын тапкан. 1939-жылы Москвада болуп өткөн кыргыз искусствосунун биринчи декадасында "Алтын кыз", "Айчүрөк" операсы москвалык көрөрмандардын сынына коюлган. "Алтын кыз" поэмасы 1936-жылы орус тилинде жарык көргөн. "Алтын кыз" чыгармасы үчүн "Ардак белгиси" орденин алган. Бул чыгармалар акынга бүткүл союздук деңгээлдеги атактуулукту алып келген. Ушуга улай эле акын Жоомарт Бөкөмбаевдин бир канча чыгармасы орус тилинде жарыкка чыккан. Обон коштогон анын көпчүлүк ырлары кыргыз эли сүйүп ырдаган элдик ырларга айланып кеткен.

Жоомарт өзүнүн ырларында кыргыз элинин социалисттик курулуштун шартында оңолуп келе жаткан турмушун даңазалаган. Анын мындай ырларына: "Көкөш көзүн ачты" (1928), "Жүрөк кубанат" (1931), "Ленин жолунда" (1931), "Гүлдөгөн турмуш" (1939) чыгармалары кирет. Жоомарт бул жылдары куруучулар, шахтёрлор, жаңы турмуш жөнүндө жазды. Өткөн замандагы куу турмуш жөнүндө жазган чыгармаларына "Жокчулук", "Өмүрдүн чөлү" аттуу чыгармалары кирет. Улуу Ата Мекендик согуш учурунда "Москва-чеп", "Жүрөгүм менин Кызыл Туу", Кош Ала-Тоо, уулуң кетти майданга", "Антым" "Көл үстүндө" сыяктуу ырлары советтик жоокерлерди жеңишке шыктандырган. Акындын жалындуу үгүт-насыяттары терең лирика менен айкалышып турган.

Кыргыз тилине оодарылган Шота Руставелинин, А.С.Пушкиндин, М.К.Лермонтовдун чыгармалары акындын калемине таандык. Жазуучулар союзуна 1934-жылдан бери мүчө болгон. 1944-жылы Ысык-Көлдө "Манас" эпосунун сюжети боюнча фильмди тартууга даярдык көрүп жүргөн кезде автокырсыктан улам, трагедиялуу өлүмгө кабылган.

## Эрнис Турсуновдун эскерүүлөрүнөн

Жоомарт тууралуу маркум Эрнис Турсуновдун жакшы эскерүүлөрү менен бөлүшө кетпесек болбойт. Ал киши мындай дейт. "Кыргыздын дагы бир залкар акыны Кетмен-Төбөдө жарыкка келген. Негизи Кетмен-Төбө өрөөнү өнөргө бай өрөөн. Айтылуу Токтогул, Жоомарт,



**Ж. Бөкөмбаев** «Кызыл Кыргызстан», «Ленинчил жаш» жана «За Родину, вперед!» гезиттеринде иштеген

Коргол, кийин Сарыкунан, Туугамбай, азыр Элмирбектей өнөрпоздор чыккан касиеттүү өрөөн. Азыр деле Кудайга шүгүрсүңөр, бирок "скидка" менен. Жоомартча чыгыш керек. Токтогулча чыгыш керек. Жок эле дегенде Корголчо чыгыш керек. Өмүрүнүн акырында алыска бара албай калганында Коргол мал базарга барып ырдаган. Эл Корголду көрөбүз деп, ырын угабыз деп, мал сатпаса да, мал базарга атайын Корголдун ыры үчүн келишчү тура. Жоомарт да балдар үйүндө окуган. Жубайы Тенти, Жунушбай деген башкарманын өңдүү-түстүү, билимдүү эрке кызы болгон. Жоомарт Тентиден он жашка улуу. Жоомарттын адамгерчилиги өтө улуу. Бирөөнүн кайгысын өзүнүкүндөй кабыл алган. Адамдарга жакшылык гана каалап, берээрге ашын таппаган март, шар, колу ачык, бапырап жүргөн, бараандуу акын болгон. Ачык күлкүсү тоо жаңыртып, атына заты жарашкан март эле. Мансапка, атакка кызыкпаган токпейил, ынсаптуу адам болгон. Демилгечи, уюштургуч, кужурмөн киши болгон. Жоомарт дайым Жусуптукуна келгенде Жусуптун жубайы Гүлсүнгө акча карматчу экен. Гүлсүн бул эмне деген акча деп албаса, алгыла, менин акчам жок калып, Жусуптан карыз алдым эле деп койчу дешет. Чынында Жусуптун үйүнө көрсөткөн жардамы болчу экен. Жусуп Жоомарттын үйүнө анан Касым Тыныстановдун үйүнө конокко барып, ушул эки үй-бүлө менен гана катышчу дейт. Согуш убактысында жазуучулар союзунда Жоомарт убактылуу секретарь болуп иштеп калат. Ошол тушта союзга "Фронтко жардам бергиле" деген кат келет. Бериле турган жардам мээлейден тартып, колдон келген бардык нерсе. Жоомарт жазуучуларга ачык айтып, жардам бергиле деп кайрылат. Бирок, бирөө да келбейт. Бирин-серин келбесе, жапырт келишпейт. Жардам чогулбай калабы деп тынчсызданган Жоомарт жазуучулар үйүнүн кулактандыруу тактасына "жазуучуларга акысыз көмүр берилет, баланчанчы күнү" деп бадырайта жазып илет. Ал күнү тим эле жазуучулар топтошуп, бири да калбай келиптир. Баары "көмүр кана" дешет. "Алганды билген, бергенди да билгиле" дейт Жоомарт. Согуштагылар жардамыбызга муктаж деген абалды түшүндүрөт. Ошентип, алды жылуу кийим, арты жылуу мээлей. Кыскасы, бар тапканын жазуучулар фронтко чогултуп берет. Жоомарт акын эле эмес, коомдук ишмер дагы болгон. Токтогул Сатылгановду көтөрүп чыккан ушул Жоомарт болгон. Токтогулдун хрестоматияга кирип калышына албетте, Жоомарттын салымы абдан чоң. Жоомарт кыргыз жерин жандай сүйгөн. Кыргыз жеринин кооз табиятын, агын сууларын, атыр жыттуу абасын, бийик тоолорун, салкын төрлөрүн, тунук көлдөрүн даңазалап сүрөттөгөн. 1934-жылы Сталин 60 жашка чыккан. Ал Шота Руставелинин "Жолборс терисин жамынган баатыр" чыгармасын сүйүп окуган, абдан баалаган. Ал китеп дайыма Сталиндин иш үстөлүндө турчу экен. 1939-жылы "Жолборс терисин жамынган баатыр" чыгармасын башка тилдерге которуу боюнча мамлекеттик заказ болот. Ал мамлекеттик тапшырма Кыргызстанга да келет. Жоомарт Нестан Дарежандын катын, дагы бир нече үзүндү которуп, чындыгында эле такыр колу тийбейт. Акырында мамлекеттик тапшырманы кечиктирбөө үчүн Алыкулга барат да, "Алыкул, сен котор, сенин убактың бар, сен өз деңгээлине жеткире которо аласың" деп ишенимдүү айтып, заказды Алыкулга өткөрүп берет. Алыкул ал кезде азербайжан кемпирден мурас болуп калган үйүндө турчу. Буйрутманы аткарам деп айнектерин караңгылап, калың чүпөрөктү терезесине жарык өтпөй тургандай кылып кактырып, эки күндү бир күн кылган Алыкул. Күндөп-түндөп иштеген. Бир жыл үч ай дегенде которуп бүткөн.

Мен Жоомартты көрүп, колуна суу куюп калдым. Жоомарт 34 жашында каза болду. Трагедиялуу өлүм. Чоң Сары-Ойдо машина оодарылып, борттун кыры басып калган Жоомартты. 6 кишинин ичинен Жоомарт өлгөн", – деп айткан эскерүүлөрү бар.

Эрнис Турсуновдун айткандарынан улам, бул адамдын атына заты жарашкан кыргыздын чыныгы уулунун жаркын элеси көзүңө даана тартылат. Анын чыгармачылыкта жеткен бийиктиги ар дайым адамкерчилик бийиктиги менен эриш-аркак жүргөн. Бишкектин чок ортосундагы "Эркиндик" бульварында улуу акынга тургузулган эстелик бар. Анда Алыкулдун Жоомартка арналган мындай төрт сап ыры чегилип турат. Ушул ырдан акындын чыныгы автопортрети көрүнүп турат.

*Анын ыры таттуу тилдүү бала эле,*
*Бул замандын чын сүйүктүү жаны эле.*
*Жорголугун салыштыра келгенде,*
*Шырдакбектин жоргосундай бар эле.*

Жоомарт атабыздын наамын касиеттүү Ысык-Көлдүн бир районунун борбору, жержерлердеги көчөлөрү, мектептери "Өз заманынын залкары, Ата Мекенинин чыныгы уулу" деп кадырлап алып жүрүшөт.

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ




Өмүр бою эркинен ажыратылган кылмышкер

# Түрмө жаза аткаруу гана жайыбы?

Кыргызстандын түрмөлөрү адамдарды оңдоп-түзөөчү жайбы же бир гана жаза аткаруучу мекемеби? Кээ бирлери түрмөдө отуруунун өзү жаза аткаруу десе, айрымдары түрмөгө түшкөн адам оңолбойт деген пикирлерин билдирди

## Абактарды авторитеттер башкарып калгандай

Кыргыз Мамлекеттик Улуттук Университетинин доценти **Клара Сооронкулова** түрмөдө отуруу бул өзү жаза деп айтуу менен төмөнкүлөргө токтолду:



"Жазалоонун негизги максаты бул адамды тарбиялоо, оңдоо. Демек, биз дагы ошол жакка багытталышыбыз керек. Жаза аткаруу мекемеси деп кабыл алынгандан кийин, кылмыш кылган адамдарга биз "оңолбойт" деген эн тамга басып жатабыз. "Болду, бул адам коомго, мамлекетке кереги жок" деген туура эмес түшүнүк бар. Абактар алгач оңдоо жана тарбиялоо мекемелери болушу керек. Бирок буга биздин экономикалык абалыбыз, бюджет же болбосо саясий эрк жетпей тургансыйт. Чынында, абакта отуруунун өзү эле жаза да. Мисалы, башка өнүккөн өлкөлөрдүн түрмөлөрүн алып көрсөк, алардын түрмөлөрүндө жакшы шарттар түзүлгөн. Ал жактын абагында отурган адамдар коомго пайда алып келип, сөзсүз иштешет. Биздин абактагылардай болуп бекер жатышпайт. Тескерисинче, булардан максималдуу пайда алып калганга мамлекет кам көрсө болмок. Буга чейин деле алардын курулушка пайдаланалы, тигүүчү цехтерди ачалы деп канча айтылып келди. Мамлекетке да пайда жана алар дагы өзүнүн оокатын өзү тапсын деген максат болгон. Бирок андай болбой жатат. Ал үчүн системанын баарын өзгөртүш керек. Учурда СИЗОлор менен жалпы абактардын системасында кандай гана шумдук нерселер болуп жаткан жок. Мамлекет буларга кирише да элек. Алар мамлекеттин ичинде өзүнчө мамлекет болуп жатышат. Өздөрү баш ийген кандайдыр бир мыйзамдары бар. Кээ бир маалыматтарга караганда абактарды мамлекет башкарбай эле, абакта отурган авторитеттер башкарып калыптыр. Мен бул көйгөйдү юрист катары терең изилдеп көрө элекмин, бирок менин оюмча ушундай көрүнүштөр болуп жатат. Мени таңгалдырган нерселер бул авторитет дегендердин шарттары. Оор кылмыш кылып ОПГ деп жүргөн кишилердин баары курорттогудай жашоодо. Мисалы, түрмөдө жаткан Батукаев бээ саадырып кымыз ичип жашаган. Оор кылмыш кылган адамдар жазасын тартыш керек эмеспи. Анын ордуна абактын ичин курорт кылып отурса, каяктагы жаза? Бул болбогон жорук да чынын айтканда".

## Соттолгондорду жумуш менен камсыздоого аракет жасайбыз

«Ранар» – абактан бошогондорду калыбына келтирүү боюнча чанда кезиккен борборлордун бири. 2009-жылы ачылгандан бери бул борбордо 600гө жакын адам калыбына келтирүү курсунан өткөн. Аталган коомдук фонддун директору Александр Анатольевич уюмда жашап чыккан адамдардын көбүнүн жашоосу жакшы нукка бурулаарын мындайча билдирди: "Биз жазасын өтөп чыккан адамдарды кабыл алабыз. Алардын көбү орто жаштагы адамдар. "Восток" айылында биздин социалдык жатакана бар. Түрмөдөн чыккан адамдардын 90%ынын документтери жок болот. Аларга документ жасатып, жашаганга жери жокторго социалдык жатаканадан 2 айча орун берип, тамак-аш менен камсыздайбыз. Эгерде биздин уюмга аялдар келсе, биз аларды аялдар менен иштеген өнөктөш уюмдарга жөнөтөбүз. Биздин уюмдун 15ке жакын адамды багууга дарамети жетет. Учурда 9 адам биздин карамагыбызда. Бир жылдын ичинде биздин уюмдан 140 адам чыгат. Жатакана жана тамак-аш бекер. Баарын Нидерландиянын өкмөтү каржылайт. Биз келген адамдарды жумуш менен камсыздоого аракет жасайбыз. Мисалы курулуш жаатына, бакчылыкка, кароолчулукка орноштурабыз. Кээ бир үй-бүлөсү менен катташпай калгандар биздин жардамыбыз менен кайра катыша баштады. Бизге кайрылгандардан кургак учук же СПИД оруусу менен жабыркагандарды тиешелүү дарылоочу жайларга багыттап, дарылоо курсун улантып беребиз".

## Адамды түрмөгө көндүрбөш керек



Ал эми **укук коргоочу жана адвокат Акин Токталиев** түрмөгө камалган адамдар оңолбойт деген оюн билдирди. "Түрмөдө үч жыл отурган адам кайра оңолбойт. Мен муну оюмдан чыгарып жаткан жокмун. Союз убагындагы эксперттер "түрмөгө адамды үч жылдан ашык кармабаш керек" дешкен. Анткени ушул мөөнөттөн ашыкча отуруп калгандар адамдык сапаттан ажырай баштайт. Ошондуктан мал, же башка нерсе уурдагандар аксакалдар соттунан жаза алышы керек. Соттолгон адам айылдан чыкпай, ошол айылдын жумушун гана жасап жүрүшү керек. Ошондо адам оңолот. Ал эми ал адам экинчи жолу кылмыш кылып кармалса, анда анын мурунку 3 жылы менен кийинки 3 жылын кошуп, 6 жылга соттош керек. Түрмөдө отургандардын 70 пайызы туура эмес соттолгондор. Абактардын баарын реформалап чыгыш керек. Азыр түрмөдөн ыйман жолуна түшкөндөр гана оңолуп жатат. Ал эми кудайды таанбагандар тескерисинче, бузулуп чыгууда. Мусулмандарда статистика боюнча 2012-жылы 269 адам, 2013-жылы 340 киши, 2014-жылы 370 киши мыйзамсыз соттолгон деп турат. Буларды экстремист, террорист, Хизбут-Тахрир деп соттой беришкен. Намаз окуп түрмөгө түшкөндөр, кайра отурушпайт. Ал эми намаз окубаган адамдар абактан чыккандан кийин өздөрүн жоготуп коюшат. Себеби, алар өкмөттүн 3 маал тамагына көнүп калат. Ал эми мындайга көнүп калган адам атайын кылмыш кылып, кайра эле түрмөгө түшөт. Булар бакма тоокко айланып, өзү тамак таап жегенди билбей калган. Бир жолу бир адам: "Көчөдө ар кайсы бурчта үшүп-тоңуп, ар кимден акча сурап, таяк жеп жүргөндөн көрө түрмөнүн ичинде жашаган жыргал турбайбы. Арактты, тамекини, 3 маал тамакты кенен берет экен. Төшөгүң таза болот" дейт. Мына ошондуктан адамды түрмөгө көндүрбөш керек. Көнүп алса, чыккысы келбей калат. Намаз окуп ыйман жолунда жүргөн адамдар "бул мага кудайдан келген сыноо" деп экинчи кайталабаганга аракет кылат. Биздин түрмөлөргө дин түшүнүгү керек болуп жатат" дейт ал.

## Цитрамон бүт ооруга жардам экен

Биз түрмөгө отуруп чыккан адамдар менен байланышып көрдүк. Алардын бири Данияр 3 жыл абакта отуруп чыккан. Ал "түрмөгө түшкөн адамдын оңолуп же бузулуусу өзүнөн" деп кыскача гана жооп берип, телефонун жаап койду.

Ал эми 2 жолу соттолгон Дима Швец "түрмөнүн шарттары өтө эле начар" деген пикирин айткан. "Түрмөгө чейин наркоман болуп калгандар түрмөгө түшкөндөн кийин ого бетер бузулат. Түрмөдө өзүн баатыр сезгендер, коркоктор, деги ар түрдүү адамдар бар. Ал жерде миңдеген адам бар да. Анан алардын бирөөсү менен урушуп кетсең, айтышып кетсең, согушуп кетсең эле жазалоо мөөнөтүң узартыла берет. Эгерде адамды туура эмес себептер менен 2-3 жылга отургузушса, ал адамга сабак болуп калат. Эгерде 10-15 жыл беришсе, анда адам абактын системасына баш ийип, алардын эрежеси менен жашаганга мажбур болот. Мына ушундай мөөнөткө кесилген адам оңолбойт. Тескерисинче, такыр жаман жакка оойт. Мисалы, бизде мындай окуя болгон. Атайын ыкма колдонуу менен баңгизат жалаасы жабылып 23 жаштагы баланы 15 жылга кесишкен. Муну укканда ал 2 жумадан кийин СИЗОдо асынып алган. Түрмө бул адамды оңдогон жок. Тескерисинче, аны өлтүрдү. Түрмөдөгү медициналык шарттарды айта турган болсок, башың оорууса да цитрамон беришет, башка жериң ооруса да цитрамон беришет. Бир дары бүт ооруну айыктырат дегендей. Ал эми тамак-ашка келсек, өзүң тамак жасап ичсең болот. Кааласаң мамлекеттин тамагын ичсең да болот. Бирок мамлекеттин тамагы өтө эле жаман жасалат. Аны жегенден да жийиркенесиң. Мен №31 абакта жана Жаңы-Жер абагында отургам. Биринчи жолу унаа уурдоо боюнча, ал эми экинчи жолу шылуундук менен соттолгом. 2008-жылдан бери боштондуктамын. Учурда "Ранар" коомдук фондунун социалдык жатаканасынын директорумун", – деди 32 жаштагы Дима.

Түрмөгө аз мөөнөт менен отуруп чыккан адамдар оңолуп, директорлук кызматка чейин аркалап кеткени кимди болбосун сүйүндүрөт. Демек, алардын оңолоору да, бузулаары да өзүнөн болот окшобойбу...

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Батышка алданган демократтар

Россия менен Түркиянын тирешүүсүнүн кесепетин Батышка ишенген жана эми жандана баштаган мусулман демократтары тарта баштады. Бир убакта ашкере улутчулдар менен соодалашып, фашизмдин жандануусуна себеп болгон Батыш эми бир уктаса он жолу өзүн султан көргөндөр менен соода-сатыкка өттү



## Сандар сүйлөсүн

Жарандык согуш башталаа электе Сирияда 18,5 миллион калк жашаган. Кувейтке кол сала калып, Батыштын чабуулуна калган Иракта 2014-жылы 36 миллион адам бар болчу. Жалпысынан алганда бул эки мусулман өлкөсүндө ислам дини коргоону талап кылган өмүр, дин, акыл-эс, тукум жана мал-мүлк такыр корголбой калган. Ошондуктан аталган мамлекеттердин жарандары адам укуктары жетишерлик даражада сакталган батыш тарапка качканы-качкан.

Батыш Европанын саясий маанайын көргөзө турган үч мамлекеттин канча калкы бар? Германия Федеративдүү Республикасынын 80 миллион калкынын 92 пайыз немистер түзөт. Франциянын калкы 2010-жылы 64,7 млн. болуп, алардын 90 пайызынан ашыгы француз жарандары түзөт. 2011-жылкы статистика боюнча Англиянын калкы 53 миллион деп эсептелген.

Сириянын согуш башталгандан бери 4 миллиондон ашык жараны качып чыкты. Бирок, качкындардын 10%ы да Европага жеткен эмес, калганы «барам» деп ниеттенген да эмес. Европа саясатынын эки тизгин бир чылбыры колунда турган Германия, Франция жана Англияга канча качкын арыз менен кайрылып, иши оңунан чечилген? Евростаттын маалыматы боюнча 2014-жылы Германияда 202.815, Францияда 64.310, Англияда 31.945 качкын расмий уруксат алган. Уруксат алгандардын баары эле Сирия же Ирактын качкындары эмес, ондон ашык мамлекеттин жарандары. Акыркы алынган маалыматтар боюнча Францияга келген мусулман качкындардын көбү бул суператеисттик мамлекетте калгысы келбей, көбүнчөсү андан нары АКШга сапар тартканы турган кез.

Эми ушул жогоруда берилген сандардан кандай тыянак чыгарсак болот? Акыркы убакта Батыш жана орустардын жалпыга маалымдоо каражаттары «ыстаканда 9 валдык толкун» жаратуу менен алек. Алардын маалыматтары бир тамчы качкынды «капташты», «жууп кетишти», «басып алышты» деген сыяктуу сөз айкаштарын колдонуп, элинин ксенофобиялык (чоочундан коркуу жана жек көрүү) сезимдерин көбүртүп-жабыртып турган кези. Бириккен улуттар уюмунун Качкындар боюнча башкармалыгынын маалыматы боюнча качкындардын 86%ы коңшу мамлекеттерде эле калышкан. Мисалы учурда 4 миллион жараны бар Ливандын калкынын 25 пайызын качкындар түзүп турган кези.

Белгилүү «Эл аралык амнистия» (Amnesty International) коомунун башчысы Салил Шетти бул тууралуу: «Чымындай жанынан башка эч нерсеси жок качкындар үчүн Евробиримдик өлкөлөрү ойдогудай жайлуу жер боло алган жок. Алардын кабыл ала алабыз деген цифралары жан кейитет. Бардык европалык лидерлер бири калбай уятынан баш көтөрө албагандай болуш керек», – деген.

## Батыш демократиясынын жеткен жери

Батышты көздөй качкан билимдүү жана жаш мусулман качкындарынын 10 пайызы (220 миңдин катталган 2100ү) Жер ортолук деңизинде чөгүп өлүштү. Чыгыштан келген качкындардын аянычтуу абалын көргөн батыштык жарандар үзүлө түшүп аларга жардам бере баштаган. Бир нече маалымат булактары боорукерликтин үлгүсү болгон мындай икаялардын бир тобун чагылдырган. Бирок, көктөн издегенин жерден тапкан улутчул саясатчылар бул абалды бийликке келүү мүмкүндүгү катары колдоно башташты. Натыйжада бул саясатчылар криминалга жакын жаш нацисттерди колдонуп, аларды митингдерге чыгарып, кыска убакта азыркы бийликтегилерге атаандаш болуп чыга келген.

Үстүбүздөгү жылдын 8-октябрында немистердин Тюрингия Эрфурт облусунда Европа биримдигине башынан каршы чыгып келген улутчул консерваторлор уюштурган эң чоң делген митингге 8 миң жергиликтүү калк катышкан. Былтыр орустар көзөмөлдөгөн банктан 9 миллион евро кредит алган Марин Ле Пен жетектеген Улуттук фронт партиясы качындарга каршы саясатын колдонуп, Франция бийлигинин негизги баш оорусуна айланчудай болуп турган кези.

Евробиримдикке кирген мамлекеттердин дээрлик бардыгы качкындарга каршы саясат кылууда. Аралда жашаган Англияда гана бул акыбал башкача. Сентябрь айынын орто ченинде өткөн митингдерде бул өлкөнүн жарандарынын басымдуу көпчүлүгү бийлиги он миң эмес, Германиядай болуп жүз миңдеген качкындарды кабыл алсын деп чыккан. Башка европалык мамлекеттерде деле качкындарды колдогондор аз эмес болсо да, Европа мамлекеттеринин бийлигиндегилери ар бир саясатчыдай эле жеңил жолду тандашты. Алар элин кыдырып, жагдайды түшүндүрүп, кудайы конокторго жакшы мамиле кылуунун үлгүсү боло алышкан жок. Тетирисинче, качкындар өтчү жолдорго ондогон чакырымга созулган аша алгыс дубалдарды орнотууга киришишти. Тышкы саясатын болсо, өз элин бир тараптуу маалымат менен сугарып, адам укуктарын тебелегендер менен биригүү багытына бурушту.

> Батышты көздөй качкан билимдүү жана жаш мусулман качкындарынын 10%ы (220 миңдин катталган 2100ү) Жер ортолук деңизинде чөгүп өлүштү.

## Саясаттын сасык базарында кызыл камчылыктын куну артты

Ооба. Өз элин «жаңылып калдың, менин партияма 550 депутаттык орундун 400үн берсең гана жаныңды жай алдырам» деген, суперпрезиденттик башкаруусу бар АКШ башчысынын ыйгарым укуктарын да аз көргөн, ЖМКлардын 70-80 пайызы көзүнүн кареги менен кошо айланганын аз деп бир айда 20дан ашык гезит, радио жана телеканалдарды жаптырган, ар кимдин ишканаларын тартып алып, тендерлерди өз жакындарына алып берип, мунай, курал-жарак жана согушкер аткезчилиги аркылуу жакындарынын кирешесин мамлекеттик бюджет менен атаандаштырган, катардагы жаранын элдин көзүнчө чокуга коюп, жаш кеңешчисине тепкилеткен Түркия лидери Тайип Эрдогандын баалуулугу асман чапчыды.

2004-жылдан бери Евробиримдикке кирем деген түрктөргө Батыш лидерлери ушул күнгө чейин адам укуктары менен демократиялык принциптерге дал келе албай жатасыңар деп салкын мамиле кылып келишкен. Жогоруда тизмектелген зулумдуктар арты-артынан боло баштаган кезде 29-ноябрь күнү Евробиримдик Түркияга акчалай жардам, Брюсселдеги чогулуштарга катышуу чакырыгы жана түрктөрдү Евроаймакка визасыз киргизүү убадасын беришти. Куугунтук жеп, эң күчтүү журналисттери биринин-артынан бири камалып жаткан түрк демократтарына Батыштын дал ушул убакта түрк төбөлдөрү менен жакындашканы орой тамашадай эле тийди.

Брюссель жогорудагы убадаларынын ордуна эмне сурап турат? Бийлик бутактарынын тең салмактуулугу, мыйзамдуулук же адам укуктарына сый мамиле кылууну эмес, Европага сапар алган качкындардын алдын тосуп өткөрбөөнү талап кылды. Келишимге кол коюлары менен полистердин бир эле операциясында Европага үмүт артып жолго чыккан 1500гө жакын качкын кармалып атайын лагерге жеткирилди.

Европалыктардын өзүнүн негизги принциптерин тебелеп туруп чыгарылган мындай чечими Анкарада отурган мыкчыгерлерге «өз өлкөңдүн демократтары менен аларды колдогон шайлоочуларыңды эмне кылсаң ошо кыл» деген ишарат болуп калаары шексиз. Мындан кийин камалган ар бир журналист, ишканасы тартып алынчу ар бир бизнесмендин укугун Европа лидерлери түрк бийлиги менен бирге тепсеген болот. Бул дүйнөнүн бардык тарабындагы демократтардын ындынын өчүрө турган жорук.

Албетте, Евробиримдик тактикалык чегинүүлөр менен дүйнөдөгү демократиялык күчтөр үчүн стратегиялык утуштарды даярдап жатат дейли. Бирок мындай мамиледен улам, өз элин «өзгөчө жол менен кетишибиз» керек деген сөз менен жооткотуп, диктаторлошкон лидерлер күн санап көбөйүп бараткан жокпу?

## Ашкере улутчул лидерлер көңүл алууда

Владимир Путин менен Тайип Эрдоган бири-бирин түп тамыры менен жок кылып жиберчү идеологиясы бар элдердин башчылары. Түрктөр атып түшүргөн орус учагы эки тараптын тең ашкере улутчулдарынын саясий сахнага жакындашына себеп болду. Орус шовинисттери «Стамбулду кайра православдардын борбору Константинополго» айлантуу керек десе, түрк шовинисттери «Кавказдан баштап Камчаткага чейинки түрк элдерин көк асабанын адына жыйноо керек» дешет. Түрдүү объективдүү жана субъективдүү себептерден улам, рейтинги Россиянын ичинде гана эмес сыртында да артып бараткан Путин, башка элдердин улутчул лидерлеринин колтуктарына суу бүркүп турган кези. Натыйжада, ашкере улутчулдуктун уусун дары катары көргөн, шовинист саясатчыларды колдогон электорат да калыптана баштады.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

# «Көпөлөк» бир дем менен көрүлчү кино

Учурда кинотеатрларда жүрүп жаткан «Көпөлөк» киносунун күңгөй-тескейи тууралуу жана жалпы эле кыргыз киносунун «мышык ыйлагыдай» абалда турганына ким күнөөлүү экени тууралуу ой жоруйлу деп чечтик


«Көпөлөк» кинотасмасынан үзүндү

## «Көпөлөк» кимдин эң мыктысы?

Ноябрь айынын 26-да Бишкек шаарыбыздын кинотеатрларында Керез Зарылыкованын чыгармасынын негизде тартылган Сүйүн Откеевдин «Көпөлөк» аттуу тасмасы жарыкка чыкты. Башкы ролдо Малика Абдыразакова. Ата-энесинен ажырап, жашоосун максатсыз коротуп, эжеси Сонянын (Альбина Имашева) кызыкчылыктарын орундатып, Алик (Азиз Мурадилдаев) аттуу бизнесмендин башын айланткан Айтолкун жана анын балалык сүйүүсү Эрландын ортосундагы окуя.

Буга чейин Сүйүн Откеев «Сен эмне кылмаксың», «Миллиондук мелдеш 1-2» тасмаларында, башкы каармандарынынын көптүгүнөн башы айланып, алардын көздөгөн максаттарын ажырата албай, ортодо чайналып калган эле. Эми минтип кемчиликтеринен сабак алып, жайнатпай жалгыз Көпөлөктү тандап, анын артынан кууп, ички дүйнөсүн, максаттарын жакшылап түшүнүп, жаңы дем менен алдыга умтулганы көрүнүп турат. Бул тасма аталган режиссёрдун эң мыкты тасмасы десем жаңылбайм. Бирок «Көпөлөктү» кыргыздын эң мыкты тасмасы дей алабызбы?

> Тасмадагы сюжеттерди, атайын атына жараштыра, көпөлөктөй ары-бери секиртип учурганбы же шашылып боло берет дегениби?

«Көпөлөк» бир дем менен көрүлчү кино. Албетте, бул жакшы көрүнүш. Бирок терс жактарына көңүл бурсак кээде өтө эле шашып кеткендей көрүнөт. Окуялар тез-тез алмашып, бир нече убакыт эмне болуп кетти деп ойлонуп, айтылбай калган окуяны өзүң ойлоп чыгууга туура келет. Тасмадагы сюжеттерди, атайын атына жараштыра, көпөлөктөй ары-бери секиртип учурганбы же шашылып боло берет дегениби? Кыскасы, «Көпөлөктөгү» кээ бир суроолор өзүнө жооп таппай калды. Албетте качан бүтөт, көрбөй эле койсомбу деп отургуча тез-тез өтүп кеткени оң. Ошентсе да, көрүүчү жанын кыйнабай, окуяга кошо аралашып, ойлонбой отурганы жакшы. Дагы бир кемчиликке көңүл бурсак, Айтолкун башкы каарман катары өзү кандайдыр бир чечкиндүү кадам жасай алган жок. Баарын жанындагы адамдар кылып койду. Айтолкундун оор тагдыры ага канчалык деңгээлде таасир бере алды жана көрүстөндөгү бир абышканын «өзүн-өзү өлтүрүү чоң күнөө» деп койгону Айтолкунга кандай таасир берди, иш жүзүндө көрө алган жокпуз, сөз менен гана айтылып кете берди. Эми айла жоктон, Айтолкун «ӨЗҮН ӨЛТҮРҮҮ» чоң күнөө экенин түшүнгөнүнө, өзүбүз чын жүрөктөн ишенели.


Болот Шамшиев, Малика Абдыразакова жана Сүйүн Откеев

«Көпөлөктүн» эң башкы артыкчылыгы бул актерлордун туура тандалышында. Тандалган актерлор өз образдарын толугу менен көрүүчүлөргө жеткизген. Малика Абдыразакова актерлук кесипте биринчи тажрыйбасы болгонуна карабай, өз ишин жогорку деңгээлде аткарган. Альбина Имашеванын, Азиз Мурадилдаевдин ж.б. кыргыздын сыймыктана турган актерлоруна, канча сөз айтсак да аздык кылат. «Көпөлөктөгү» ар бир актер өз образын майын чыгара элге жеткирип берди деп эсептейм. Эгерде кайсы бир каармандын мүнөзүн, анын максатын, түшүнө албай калган болсок, бул сюжеттеги жылчыктардын, толтурулбай калгандыгынан болду жана актердун эмоцияларына басым жасалбай калгандан, туура эмес көргөзүлгөндөн болду. Кыскача айтканда, режиссёрдун, сценаристтин жана оператордун каталары.

Жогоруда айтылып өткөн кемчиликтерге карабай, «Көпөлөктү» кыргыз киносунун тарыхындагы эң мыкты тасма дей албасам да, акыркы 2–3 жылдагы мыктылардын арасына кошом. Анткени, тасманын артыкчылыктары жок эмес. Бул кинону көргөндөн кийин кандайдыр бир сезимдер менен чыктым, ойлондум дегендей. Эгер адамдын ички сезимдери ойгонуп, кинону талдап, ойлонуп атса, кандайдыр бир деңгээлде жакшы.


Сүйүн Откеев жумуш учурунда

## Жалпы кыргыз кинолорунда актер жаманбы же режиссербу?

Кыргыздын кинолорун көрүп отуруп, сүйлөгөн сөздөрүнөн уялып, кайсы тешике кирип кетеримди билбей кетем. Мунун себебин издеп жүрүп, ар кандай жоопторду уктум. Көбү биздин жогорку билимдүү актерлорубузду күнөөлөйт. Театрда жүрүп көнүп калгандыктан аткара албайт деген ойдобуз. Бирок дүйнөлүк практикага көз салсак, так ошол театрдын актерлору, кинодо да эң мыкты болуп эсептелинет. Алыс кетпей орустарды карасак, Олег Меньшиков, Константин Хабенский, Сергей Безруков, Чулпан Хаматова ж.б. сыяктуу актерлор кинодо да, театрда да эң кыйын болуп эсептелет.


> Актер акчанын айынан аргасыз жаман кинодогу жаман ролду алууга мажбур

Эми кыргыз киносунда театрдын актёрунда кемтик барбы же режиссердобу? Менин пикиримде кемчилик режиссёрдо. Жаман режиссер өзүнүн жамандыгын билбей, өз күнөөсүн актерго шыбайт. Так ушул режиссерлордун начарлыгынан актерлор кинодо өз ишине жеткиликтүү көңүл бурбай калды. Чын эле актерлор акыркы жылдарда тынбай тартылып аткан кинолордо начар аткарып аткандары сезилет. Ар бир актер оригиналдуу өзгөчөлөнүп турган образды аткарууну каалайт. Киночулар актерлорго оригиналдуу, өзгөчө харизмага ээ болгон каарман берип атышабы? Жок. Берсе, көрөт элек да. Мындай учурда кыйын, жогорку билимдүү актер эмне кылат? Театрдагы 6 миң сом айлыгы эч нерсеге жетпейт. А акча болсо керек. Анан жаман болсо да айласы жок жаман кинодогу жаман ролду алууга туура келет. Образ жакшы иштелбей калган соң, актер да жаман аткарат. Эмне кылат күчүн коротуп. Чала-була аткарып, акчасын алып кетип калат. Анан байкуш жаш режиссер «начар актер» деп кала берет.

Бизде кыйын актерлор көп. Бирок аларды колдоно албай атабыз. Балким актерлорго жакшы роль сунуштасак, бекер деле тартылса керек. Анткени, театрга бир басып барбасак да, анча-мынча келген көрүүчүлөргө акчанын аздыгына карабай, эң сонун кылып аткарып берип атышат. Андыктан сен жаман, мен жаман болбой, өзүбүздү ар тараптан өнүктүрүп, мүмкүнчүлүктөрүбүздү көбөйтөлү.

ЖАНДАРБИЕВ КЕРКУДУК

# «Сендей Лайлини бакпаган Мажнун күнөөкөр болот»



**1. Биз жигитим экөөбүз бири-бирибизди аябай жакшы көрчүбүз. Сегиз жылда үч эле жолу көрүштүк. Кийин ортобузда катуу уруш болуп, ал башка кызга үйлөнүп алды. Бирок менин артымаан дагы эле аңдып жүрөт. Ал кыз көзү ачыктарга барып, жигитимдин башын айландырып алыптыр. Ушундай дагы болобу?**

**Жооп:** Болгону ушул, көрүп турбайсыңбы? Намаз окуп, таза жүрсөң, баары ордуна келет. Жигитиңен эми күдөрүңдү үз же токолу болуп турмушка чыккандын камын көр. Сегиз жыл бир жигитти күткөндөн көрө, сегиз жыл мурда турмушка чыксаң, эки жылда бирден болгондо төрт баланын, эгизден болгондо сегиз баланын энеси болуп олтурмак экенсиң. Же иттен жок, же ит байлаган жиптен жок олтурасың. Тандабай эле турмушка чык! Ыйманы болсо, буту менен басып мурду менен тынган болсо эле болду. Калганы Кудайдын буйругу менен сенден болоор! Жакшы аял жаман эркекти орто кылат, орто эркекти мыкты кылат, мыктысын хан кылат. Жаман катын мыкты эркекти кул кылат.

**2. Намаз окуп жатканда кийимде жазуулар, сүрөттөр болсо эмне болот?**

*Кара-Кулжа, Эдил*

**Жооп:** Уят жана шариатка туура келбеген жазуулар болсо, же жандуулардын сүрөтү болсо, ал кийимдерде намаз окуу макүрөө болот. Ал эми жаратылыштын сүрөтү, же зыянсыз сөздөр жазылган болсо, эч нерсе болбойт.

**3. Мен Кудай буйруса жакында ата болом. Ошондуктан болочок балама кийим-кече алсам болобу? Көп жерде төрөлө элек балага кийим алса болбойт деп айтылат экен.**

*Талант*

**Жооп:** Боло берет. Кийим албаганы – илгери бала төрөлмөйүнчө анын жынысын билишкен эмес. Эми азыр шыкаалап жатып билип алып жатышпайбы, тынч жаткыра койбой. Өзү кичине балага жаңыны ким коюптур, же ал анын кадырын билбесе, жарым саат сайын "кыхы" кылып эле жатат. Ага ошо эски-уску деле жарай берет. Биз бизден чоңдордун кийими менен эле чоңойгон элек. Мен Шамшы таекемдин мага берген манат күрмөсүн азыркыга чейин эстейм.

**4. Биз эки эле бир тууганбыз. Ата-энебиз арактын айынан ажырашып кетишкен. Азыр өздөрүнчө үй-бүлөсү бар. Агам ичкенди такыр токтотподу. Бир нерсе десем «мен алкаш эмесмин» деп кайра өзүмдү беттен алат. Күйөөмдөн да уялып кетем. Жалганды да аябай көп айта турган болду. Жеңеме да жакшы карабайт. Эмне кылсак болот? Аргам калбады . Кээде өрттөп жибергим келет, устаз?**

**Жооп:** Аа, бир тууганым. Көңүлү ток болбогон жалгыз эле сен эмессиң! Арактын кесепетинин каарына калбаган ким бар дейсиң? Мен өзүм да кээ бир жакын туугандарымдын арак азабын али күнчө тартып келем. Уй мурдун сасык деп кесип салбайт экен. Биз туугандардан кечип кете албайт экенбиз! Аларга дуба кылабыз, Кудай Таалам ынсаптан айырбасын деп эртели-кеч Жаратканга жалбарабыз!

**5. Жумушумда камера бар. Бирок аялдар кийим алмаштыруучу жерде жок. Ошол жерде намаз окуймун. Бирок устаз ал жерге орустар кирип арак ичишип, арактарын коюп коюшкан. Алгыла десем, башка жер жок дешет. Ошондо менин окуган намазым кандай болот. Намаз окуган жер таза болуу керек го. Мен кайра күнөөгө батканым жокпу?**

**Жооп:** Аялдар кийим алмаштырчу жерде арак ичкен оруска балээ барбы? Аялдардын авретин көргөнү жатышат деп эле, швабра менен кууп чыгыш керек, андай чочко сасыган эмелерди... Кандай болгон күндө да ошол жерден башка арга таппасаң, анда ошол жерде окусаң боло берет. Бирок, жанагы жарыбаган арак кыбыла тарабында көрүнөө жерде турбасын. Жайнамазың таза болгон болсо эсеп.

**6. Биз жарнама чыгарган жерде иштейбиз. Кээде кредит берген банктардан заказ түшөт. Ушул буйрутмаларды эмне кылсак болот?**

**Жооп:** Суткорлукка жардамдашкан болосуң. Колуңдан келсе адал оокатка иште. Дубаларың кабыл болуп, балдарың келечекте сага кайрымдуу-мээримдүү болсун десең, аларга адалдан оокат-аш бер!

**7. Үйдөгүлөргө сүрөт тартса болбойт, жазасы оор болот деп көп айтам. Бирок алар: «Бул Жаратуучубуз берген талант» дешет. «Эгер сүрөтчүлөрүбүз жок болсо, тарыхты кантип билмек элек?» дешет. «Музейлерде сүрөт жок болсо, анда музейдин эмне кереги бар?» – дешет. Бул кандай болуп калат?**

**Жооп:** Сүрөт жок болсо эле, тарых билбей калганды сенин туугандарыңан биринчи ирет угушум. Укмуштуунун төөсү жорго дегендей эле болуптур. Анда, көзү азиз бир туугандарыбыз тарыхты окубай эле койгону лаазым болобу? Ошондой эле сүрөтсүз музей болбойт дегениңер да акылга сыйбайт. Албетте, акылдуунун акылынан демекчимин.

Садагасы, ар бир сүрөтчү жандуунун сүрөтүн тартканда ошол сүрөткө жан киргизип жиберүүнү көксөп, бирок өзү сезбей калат экен. Антпесе, андай сезимдер келбесе, сүрөтчү да боло албайт экен. Ошентип, өзүнчө керемет-кучкө ээ болгондой болуп, оозу менен айтпаса да, абалы менен, ой-пикири менен Кудайга теңата болуу сезимин баштан кечирип, билип-билбей Жаратканга шерик кошуунун босогосун аттайт экен.

**8. Мен бир ажырашкан бала менен никем бар. Бирге болгон эмесмин, айызым келип. Апам макул болгон болчу, бирок бир боорлорум нараазы болуп алып келип алышкан. Бир жылдан бери жообумду бер десем, бербей жатат. Тизелеп сурасаң берем дейт. Эмне кылсам болот?**

**Жооп:** Ал боорлоруң сага эр болуп бере албагандан кийин, эмнеге сени алып кетишти экен? Ажырашкан болсо, бир жери кемип калды дейсиңби? Кайра тажрыйбалуу болуп, аки-чүкүнү баамдап калган болбойбу? Эми эмне кылат элең? Колуңдан келсе, аны менен барып жаша. Такыр болбосо, тизелеп сурап коё кал, андан эч нерсең кемип калбайт. Тизең чаң болсо, күбүп коёсуң. Эгер, никең дале сакталуу болсо, анда, сен анын никесиндеги шарьий аялы болуп эсептелесиң. Сендей Лайлини бакпаган андай Мажнун күнөөкөр болот.

**9. Менин ар дайым жүрөгүм кысылат. Бир нерседен корко берем. Бирок эмнеден экенин билбейм. Турмушка чык дешет, андан да корком, адашып каламбы деп. Мага кеңеш бериңизчи, устаз?**

**Жооп:** Куран окусаң, жүрөгүң тынч алат. Турмушка чыксаң, жарпың жазылат. Ката кадам таштоодон ар дайым коркуу керек, бирок коркуу керек деп так өткөн да болбойт бул опаасыз жалган дүйнөдөн. Садагасы, керемет динибизде "Истихаара" аттуу намаз бар. Ошону үйрөнүп окусаң, баары ордуна келет. Кудайым бактыңды ачып, этегиңден жалгаган болсун!

**10. Жакын адамыбыз машина менен бирөөнү сүзүп алып соттолгону жатат. Сотко бергенге акча жок, камала турган болду. Процентке акча алсак болобу? Айла калбай калды.**

**Жооп:** Ар бир адам жазасын тартканы жакшы болот. Оолукпай айдайт арабасын. Суткордук арам. Дуба кылгыла. Ак болгон болсо, Кудайым аны жөн таштабайт. Жардынын жардамчысы, алсыздын колдоочусу, конокту сыйлоочу, акыйкатты сүйлөөчү болгонду Кудайым кордобойт.

**11. 2 жашар баласы бар, бирок азыр боюнда болуп калыптыр. Энеси алсызыраак, боюнан алдырса болобу.**

**Жооп:** Досукем, бул маселеде ошол аялды караган доктур менен жакшылап кеңешүү керек. Кеңешип кескен бармак оорубайт.

**12. Мен жакында намаз окуп баштадым. Кайсыл жамааттардын таалимдерине барышым керек. Салафиттер деген кандай түшүнөм? Алар кимдер? Чынында мени ушул группага кошул деп жатышат.**

**Жооп:** Салафиттер – мазхаб кармандай коюуну сунуштаган мусулман жамааты деп айтсак туура болот. Алар да бир туугандарыбыз, мусулмандар. Болгону манхажият, дин окуудагы багытта өзгөчөлүктөрү, ажырымдары бар. Мазхаб кармабагандан кийин, имамга баш ийүү жок болгондон кийин, Куран аяттары менен Пайгамбарыбыз алайхис саламдын хадистерин кээде өзү каалагандай түшүнүп алып, туура эмес тыянактарга кептелип калышып, Ислам үммөтүнө көйгөй жаратып койгон учурлары да жок эмес. Ошондуктан салттуу болуп калган ханафий мазхабын карманган аалымдардан сабак алууну сунуштайт элем.

**13. Мен сүйгөн кыз – орус. Экөөбүз бир-бирибизди жакшы көрөбүз. Биз үйлөнсөк болобу же сөзсүз Ислам динин кабыл алыш керекпи?**

**Жооп:** Эгер ал орусуң ата-тегинен бери таза православ дининде болуп келген болсо, ага үйлөнсөң макүрөө болуу менен дурус болот. Бирок, мусулман кызга баш кошсоң макүрөөсү жок жакшы болот. Андан да жакшысы, тиги кызды дааваттап, мусулман болуусуна себеп болсоң, андан соң ак никелеп алсаң, анда бейиштин төрүнө ылайык соопиш кылган болоор элең.

**14. Биринчи турмушум болбой, экинчи жолу турмушка чыктым. Жолдошум менден мурда эки жолу үйлөнгөн экен. Кийин мени менен жашап жүрүп эле, башка аял алып алды. Жакшы көргөн үчүн баарына көз жумдум. Ал таанымал эле адам болчу. Боюмда төрт айлык болгон кезде менин талагымды берди. Азыр балам бешке чыгып калды. Менин тагдырымды көргөн ата-энем санаа тартып, кейип жүрөт. Мындай тагдырларга кабылгандар көп. Ушуларга кандай кеңеш айтар элеңиз?**


**Жооп:** Ата-энеңиздин кейигени туура эмес. Кейигенден кенемте толсо кана? Баласын таштагандарга, утуру катын алмаштыргандарга берер кеңешим: "мусулман болгула!" демекчимин. Күкүк куштай болуп көрүнгөн жерге жумуртка таштаган ташбоор аталар, карыганда ошол перзенттеринин караанына зар болоор, кор болоор. Баланын жакшылыгын билбеген, аларга аталык тарбиясын бербегендер көр болоор, кара жер менен тепселип карайган жер болоор. Ар ким наалат айтып, каргышка эп болоор, алы-күчтөн тайганда ар кимден жугунду аңдып ит болоор. Караганы эртели кеч ыштанындагы бит болоор. Ошентип жүрүп, эч кимге билинбестен мерт болоор. Ээси жок каңгыган иттерге эт болоор. Ар жерде сөөгү калып, чирип, каргакушка жем болоор. Баягы, оо баягы деп оозуна алы жокторго кеп болоор.

**15. 4 жылдан бери балалуу боло элекпиз. Ата-энем башкага үйлөн деп каршы чыга баштады. Бирок мен башкага үйлөнгөндү каалабайм. Мен башкага үйлөнсөм, азыркы жубайымдын абалы не болот? Кеңешиңизди бериңиз устаз?**

**Жооп:** Башкага үйлөнсөң, анын да согончогу канабаса, анда кандай күндө калдың? Эркек болгондон кийин үй-бүлөңдү коргоп кал. Ал сага тийди беле, же сенин ата-энеңеби? Жакшысы – аялыңдын акылы болсо сага токол алып берсин! Анын тууганын байбичең этегине салып бага берет. Ошентип эле келгенбиз, илгертеден. Мени уксаң, кеңешим ушул. Мындан башка жакшы кеңеш да таппайсың! Аялыңа айткандан корксоң, ушул гезитти жаздыгына жаздап кой, элдир-селдир акылы болсо илип кетээр, аркысын өзү билип кетээр. Кыйшайганды түзөп кетээр, кыңырылганды бүлөп кетээр.

Бетти даярдаган:
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Капуста жеген кумурскалар



Кумурзстанда көптөн бери айтылып келаткан өтө коркунучтуу аңыз кеп бар. Чынында бул аңыз мурда деле болгон дешет. Бирок, акыркы убакта ооздон-оозго өтүп байма-бай айтылчу болду. Мисалы, кайсы бир алыскы уяда жашаган эки картаң кумурска жолуга калса да ушул маселени айтып алып жакасын кармашчу.

- Дагы жептир баягылар, - деп ийрейген колдору менен баштарын кашып, көздөрүн кымыңдатышчу алар.

- Анча көп капустаны кантип жейт я? – деп таңыркачу дагы бирөө. Бирок буга эч кимиси жооп таба алчу эмес.

Акыры бул аңыздан үрөйү учкан аксакал кумурскалар нары ойлонуп, бери ойлонуп отуруп бир чечимге келишти.

- Кой, ортого кичине капуста чогултуп бир жөргөмүш сатып алалы да, кан чыгарып түлөө кылалы. Мындай балээден ошентип кутулбасак, кутулбайт окшойбуз, - дешти алар. Ошентип, ары бери жыйналышып, чурулдашып-чуркурашып жүрүп бир жөргөмүш сатып алып, сойо баштышты. Бирок, алар жөргөмүштү жыгып-жыга электе айылда жүргөн тинттер жетип келди.

- Силер уурдалган жөргөмүштү союп аткан турбайсыңарбы, - деп атырылды алар жөргөмүш сойгондорго. Топтолуп турган кумурскалар чурулдап эле калды. Бирок, тинттер аларды угабы. Бир экөөнүн колун толгоп, бир экөөнүн мурутун жулуп киргенде ортого бир аксакал түштү.

- Айланайындар, эми бир ачууңарды мага бергиле. Андан көрө мобу жөргөмүштүн бир санын берели, балдарыбызды калтырып тынчырак кетип калгыла, - дейт ал. Ансыз да ушуну күтүп турган тинттер жым эле дейт. Жөргөмүштүн бир бутун коңузуна жүктөтөт да жолуна түшөт.

Чап кенедей жармашкан немеден араң кутулганына сүйүнгөн кумурскалар жөргөмүшүн дагы сойо баштайт. Бирок так ушул маалда коңузун адырандатып, жансакчысын шаңырандатып салыкчылар келет.

- Охоо, бу биздин өлкө эмне эле өнүкпөйт десе, булар жөргөмүштүн баарын союп аткан тура. Кана жазгыла бул кимдин жөргөмүшү! Хорроргo арыз жазып, салыктан качкан немени зынданга салалы, - дешет алар.

Ошону менен ал жалбырактарын жайып жазып кирет. Айласы кеткен аксакалдар чурулдап-чуркурап атып акыры баягы союлуп аткан жөргөмүштүн дагы бир санын салып берип араң кутулат. Ошентип бул желмогуздан да кутулган кумурскалар кайра жөргөмүшкө жабышат. Бирок, жаңы эле бирөө бычагын кайраганда кайдан-жайдан хоррорлор пайда болдот. Алар атайын эле эт алганы келишкен окшойт. Килейген кап көтөрүп алышыптыр.


- Араңарда сапсагайларга жардам берген немелер бар экен. Болгула айткыла болбосо баарыңды карматабыз, - дешет алар. Жанатан бери абалды түшүнүп калган карапайым кумурскалар аларды көп сүйлөтпөй эле жөргөмүштүн дагы бир санын берди. Бирок тигилердин кеткиси жок. Айла жок кабырга-сабыргасын кошуп, бир капталын бүт салып берип узатышты. Бирок, ал узап-узай электе чаар баштыгын көтөрүп самепидден келди. Аны көрүп эле түшүнгөн карыялар.

- Айланайын балам, койо тур. Азыр мобу бир санын чыгара калалы. Дароо баштыгыңа салып беребиз, - дешти. Абышкалардын пейилине ыраазы болгон самепид унчукпай отуруп жаңы чыккан санды салып кетти. Андан кийин эле суракчылар келди. Алар да чоң кап көтөрүп алыптыр, бир санды салса кеп болбой калып, омуртка, моюнду чыгарып беришти. Андан кийин эхолог келип бир санды алып кетти. Андан кийин базар башчысы келди. Андан кийин хоблонун катчысы келди. Андан кийин гаким келди. Деги келбеген мекеме калган жок. Качан жөргүмүштүн эти түгөнүп териси эле калганда үшкөлдүн башчысы келди. Абышкалар айла жок терини туздап, бүктөп туруп ага карматты.

Ошондо жанатан бери килейген жөргөмүш союп отурса да бир үзүм эт жебей калган Кука менен Чука ачуусу келип тинттерге арыз жазды. Мына анан көрүп ал. Баягынын баары кайра келе баштады. Бирок бул жолу алар бирден эле сан алып ыраазы болбой, бирден бит, же бирден сирке ала баштышты. Кайдагы балээге кабылганын билбей айласы кеткен карылар Кука менен Чуканы урушуп жүрүп, баягыда өздөрү хайлалаткан данекбашка кайрылышты. Ал болсо жан-жолдошу, кошусу-мошчусу болуп үйрү-тобу менен келип, бир жөргөмүштү он жөргөмүш кылып берем деди эле беркилер сүйүнгөнүнөн чыдай албай байланбас жөргөмүштөн бирди союп коноктошту. Жаш этке чылк тойгон данекбаш эмнеге келгенин ошол жерден эле унутуп кайра жолуна түштү. Ошол бойдон андан да жооп болгон жок. Ошондо гана түңүлгөн карылар унчукпай тынып калды. Бирок, баягы капуста жеген кумурска тууралуу аңыз кеп болсо күчөгөндөн күчөй берди.

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

# КРОССВОРД



## Туурасынан

1. Белги бере турган буюм
2. Кенгурунун кыргызча аталышы
4. Көзкамандын баласы
7. Адамзаттын өсүшүн алдыга жылдырган нерсе
8. Жазгы гүл
10. Өтө сак канаттуу
12. Телефон маркасы
15. Утурумдук эмес. Чексиз
16. Сууга думукпаган жаныбар
18. Каныбек Сагынбаевди жеңген орус бильярдчысы
21. Ата-текти сүрүштүрөбүз
23. Ырчы уулдун атасы
25. Кыргыз элинин тарыхы, санжырасы ке4ири баяндалган китеп
26. Карагай "мөмөсү"
27. Мышыктын баласы
29. .... Познер
30. Фарфор идиш
31. Саресеп газетасындагы кумурскалар өлкөсү

## Тикесинен

1. Кымыз ачыткысы
3. Ат жабдыгына кирет
5. Ууру, кески, тоногуч
6. Ошто кырсыктаган учак катталган компания
9. Афган согушчандары
10. Телевизорду кыргызча ушундай аташкан
11. Интерпол издөө салган экс премьер-министр
13. Ашты аш кылган жер жемиш
14. Кыргыздын кийиз килеми
17. Кара-Кеченин алтыны
19. Суурдун баласы
20. Шайлообек аганын чыгармасы
22. Айлана-теребел, табият
24. Бир аз жутуп алган адам
28. Мөмө-жемиш

# Кышты кыштай арзан сатылган көк алма



Азыркы убакта витаминдүү жемиштердин катарын толуктап турган бул алмалар. Ошол алмалардын ичинде көк алмалар да өзгөчө витаминдерге ээ болот экен. Биз сиздер менен ошол көк алмалардын түрлөрү, баалуулугу жанан баалары боюнча кызыктуу маалыматтар менен бөлүшөбүз

## Айымдар үчүн көк алманын пайдасы көп

Көк алма – адам баласынын организмине пайдалуу жемиштердин бири. Дарыгерлердин айтымында, алманы канчалык көп жесеңиз, пайдасы ошончолук көп болот. Күнүгө эки даана алма жеп туруу кан басымыңызды бир калыпта сактап жүргөнгө жакшы мүмкүнчүлүк түзөт. Ошондой эле, алманын ширеси организмдеги туздуулукту азайтып, өз калыбына келтирет. Уктаар алдында алма ширесин ичсеңиз, жеген тамагыңыз жакшы сиңип, тишиңиздин бекем болушуна шарт түзүп, өзүңүздү жеңил сезесиз. Негизинен баардык эле алмалар ден-соолукка пайдалуу. Алардын курамы пайдалуу заттарга витаминдерге, микроэлементтерге, С, В1, В2, Р, Е, марганец жана калийге бай. Ошондой эле организмдеги кан айланууну жакшыртат жана темирди оңой өздөштүрөт. Мындан сырткары алмада клетчаткалар, пектиндер көп болуп боор, бөйрөктүн иштешин жакшыртат. Ошондуктан аны жегенден кийин көпкө чейин ачкалык сезилбейт. Алма жаштыкты жана сулуулукту узакка сактап калганга да жөндөмдүү келет. Кандагы холестеринди азайтат.

## Көк алма темирге бай

Кызыл алмага караганда көк алмада витаминдер абдан көп. Темирдин булагы болгон көк алмалар ден-соолукка да абдан пайдалуу. Көк алманын данектери адамды бир суткалык йод менен камсыз кылат.

## Иммунитетти бекемдейт

Алманын курамындагы хлорофилл кандагы эритроциттердин иштеп чыгышын жөнгө салат, иммунитетти чыңдайт. Анча өтүшүп кетпеген сасык тумоого туруштук берет.

## Бырышты жазат

Алманын кайнатмасы теринин бырыштарын эң сонун жазат жана жагымдуу кылат.

Алманын кабыгын аарчып, 50 грамм сууга салып кайнатып, бир нече апельсин кабыктарын кошуп 2 саат тундуруп коюу керек. Муну күн сайын бетиңизди жууп колдонсоңуз теринин сыйдам, жаш, чың көрүнүшүнө жардам берет. Көк алманын жаңы ширеси терини витаминдер, мөмө кислоталары, туздар, эфир майлары менен камсыз кылат.

## Кургак бетти калыпка салат

Кургак бетке калыптандыруучу маскаларды койсо, жардамын берет.

4 чоң кашык алма уксусун алып, бир аз гана жылытып, ага 3 чай кашык суюк бал жана 2 чоң кашык кайнак суу куюлуп даярдалган сулуу боткосун кошуп, жакшылап аралаштырып, маска жасайсыз. Аны таза бетке 30 мүнөт коюп, андан кийин аны кебездин жардамы менен алып, жылуу суу менен чайкап коюу керек. Витаминдер жана азыктандыруучу заттар терини чоюлчаак кылып, кургак кылбай, сыйдам абалга келтирет. Эгер тери абдан кургак болсо, бул ыкманы жумасына эки жолу кайталаңыз. Ошондой эле бул маскага 2 чай кашык коюу сүттү кошуп койсоңуз, азыктандыруучу касиети мурдагыдан да жогорулайт.

Бир кашык зайтун майы менен алманын боткосунун аралашмасын таза бетке сүйкөп 15-20 мүнөт калтырып, анан жылуу суу менен чайкаңыз. Жаңгак, жумуртканын сарысы менен алманын боткосун жакшылап аралаштырып, таза бетке 30 мүнөт койсоңуз да болот.

Бир кашык каймак, грейпфруттун ширеси жана алманын боткосун аралаштырып, таза бетке жарым саат коюп андан кийин жылуу суу менен жууп саласыз. Бир кашык алма менен сабиздин боткосу жана майы жок айрандын аралашмасын 15-30 мүнөт бетиңизге койсоңуз да жакшы пайда берет.

## Салмакты сактайт

Көк алма ашыкча салмак менен күрөшүп, организмди витаминдер менен камсыз кылат. Буга андагы витаминдердин өтө көптүгү менен калориясынын өтө аздыгы себеп болот. 100 грамм алмада 35 килокалория эле бар. Ошондуктан көк алма жеп, ашыкча салмактуулукту унутуңуз.

## Тишти агартат

Тиштериңиздин бүтүн жана аппак берметтей болуусун кааласаңыз көк алманы көп жеңиз. Кызыл алмага караганда көк алмаларда шекер аз жана ал тиштин бүйлөсүн чың сактап, оорутпай агартат.



## Бишкектин Ош базарында сатылган көк алмалар

Көк алмалардын бир-биринен айырмачылыгы өтө деле чоң эмес. Түштүк жакта бышкан алмалар жер кургак болгону үчүн даамдуу болуп бышат. Ал эми Түндүк жакта бышкан алмалар жер нымдуу болгону үчүн кычкыл болот.

**"Симиренко"** алмасы 25, 30, 35 сомго чейин бааланат. Бул алмалар көбүнчө Баткен, Ноокат аймактарында өсөт.

**"Алтын Ренет"** алмасы 40 сомдон жогору баада сатылат. Башка алмаларга караганда көлөмүнүн чоңдугу менен айырмаланып турат. Бул алмалар Ысык-Көл аймагында көп кездешет.

**"Розмарин"** алмасы 30 сомдон жогору баада сатылат. Башка алмалардан өзүнүн өзгөчө даамы менен айырмаланып турат.

**"Голден Делишес"** алмасы 20 сомдон жогоруу бааларда сатылат. Анын түрлөрү өлкөбүздүн түштүк аймактарында көп өсөт.


Материалды даярдаган ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

GREEN CITY
eco hotels & resorts

Greencity мейманканасы
Тынчтык пр, 16

бир орундуу бөлмөлөр
эки орундуу бөлмөлөр
КОНФЕРЕНЦ ЗАЛ
ресторан
бизнес ланч

+996 312 87 87 50
+996 559 87 87 50



Green City мончосу
Исакеев көч., 2а

түрк хамамы
орус мончосу
туз камерасы
бассейн
балыктар менен пилинг
массаж
жаш балдар бөлмөсү
ж.б




www.greencity.kg